# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | НОЯБРЬ 2016 | № 11 (60) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:


## Жергиликтүү демилге

Жергиликтүү демилге: өп-чап турмуштан өнүгүүгө өтүү ... 2

Балдар аянтчасынын арт-объекттери тарбиялоонун усулу катары ... 5

Балдар аянтчасы коопсуздук маселесин чечти ... 8

## Мыйзамдардагы жаңылыктар

Жергиликтүү кеңештердин төрагаларынын эмгек акысын төлөө жөнүндө ... 9

Муниципалдык кызмат жөнүндө ... 9

Жергиликтүү маанидеги жаңы маселе – калкка консультациялык-укуктук жардам жөнүндө ... 10

Берилген ыйгарым укуктар жөнүндө ... 10

Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары жөнүндө ... 11

Административдик жол-жоболорго байланыштуу жарандардын кайрылуулары жөнүндө ... 11

Электрондук башкарууну жергиликтүү бюджеттен каржылоо жөнүндө ... 11

Электрондук форматта тооруктар жана аукциондор жөнүндө ... 12

Жарандык абалдын актылары жөнүндө (ЗАГС) ... 12

Айыл чарба багытындагы жерлердин бөлүнбөстүгү жөнүндө ... 12

Күнөскана чарбасы жана тамчылатып сугаруу жөнүндө ... 13

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасы жана ттекшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартиби бекитилди ... 14

## ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачыктыгы жана отчеттуулугу: ЭҮЖӨБОЖ долбоору тийгизген таасирине орто аралыкта берилген баа ... 15

Кемин шаарынын мэри: “Мен жаштарды өз шаарынын тазалыгына кайдыгер болбоого чакырам” ... 21

## Юридикалык консультация

Жергиликтүү жамааттын уставын киргизебиз. Практиктердин суроолору жана юристтердин жооптору ... 23

## Социалдык кызмат көрсөтүүлөр

Социалдык контракт деген эмне? ... 30



Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үмөталиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

**“Муниципалитет” журналынын сентябрь айындагы чыгарылышында турмуш шартты жакшыртууга багытталган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен калктын өнөктөштүгү аркылуу ишке ашырылган, жамааттардын жергиликтүү демилгелери тууралуу 18 баян жарыяланган. Бул 18 баян “Жергиликтүү демилге-2016” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө арналган. Анткен менен Кыргызстанда мындай окуялар өтө көп. Ошондуктан журнал жарандардын ЖӨБ менен ийгиликтүү кызматташтыгынын мисалдарын басып чыгарууну уланта бермекчи. Мындан тышкары ЭҮЖӨБОЖ Долбоору акыркы бир нече жылдын ичинде жергиликтүү демилгелердин тематикалык багыттуулугу кантип өзгөргөнүнө талдоо жүргүзүп, үмүттөндүргөн тыянактарга келди.**

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
“Муниципалитет” журналынын башкы редактору,
**Айнура БАЛАКУНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жамааттар менен иштөө боюнча адиси, ӨСИ

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ: өп-чап турмуштан өнүгүүгө өтүү



Жергиликтүү демилге жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана азыркы калыбындагы мамлекетке чейин эле бар болчу. Таш доорунда эле адам баласынын жигердүү өкүлдөрү демилге көтөрүп чыгып, жашаган үңкүрүн ыңгайлаштырып, аны өзү жана жакындары үчүн коопсуз кылган. Мисалы, кыш чилдесинде оттун жылуулугун сактап калыш үчүн үңкүрдүн кире беришин жаап турушкан. Маңызы боюнча алып караганда, жергиликтүү демилге – бул адамдардын өз турмуш шарттарын өз күчү менен жакшыртууга болгон аракети. Ошондуктан жергиликтүү демилге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ажыратылгыс бөлүгү болуп эсептелет. Атүгүл, жергиликтүү демилге – бул убакытка баш ийбеген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эссенциясы. Чындап эле миңдеген жылдар өткөнү менен, жергиликтүү демилге мурдагыдай эле адам жамааттарында, анын ичинде Кыргызстандын жергиликтүү жамааттарында да билинип келет.

Жергиликтүү демилгелердин (ЖИ) тематикалык багыттуулугу коомдун өнүгүү деңгээлин чагылдырып турат. Ал жергиликтүү жамааттын алдында турган максаттардын жакшы индикатору – аман калып, жашап кетүүбү, же өзгөрүп, өнүгүүбү.

Өнүктүрүү саясат институту дайыма ЖИни колдоп келген. Ал эми ЭУЖӨБОЖ Долбоору ЖИ боюнча дайындар базасын жүргүзүп, соңку жылдар аралыгында коомдун активдүүлүгүнүн бул көрүнүшүнүн тематикалык багыттуулугун анализдеп келген. Бул анализ күтүүсүз жыйынтыкты көрсөттү. Ал көбүрөөк ЖИ феноменинин өзүн эмес, жалпысынан Кыргызстандын элеттик жамааттарында өнүгүү динамикасын таң калычтуу түрүндө мүнөздөйт.

***Анализдин негизги тыянагы мындай болду: Кыргыз Республикасындагы элеттик жамааттар өп-чап жашап кетүү баскычынан өнүгүү баскычына өтүштү. Бул биринчи кезекте жарандардын өздөрүнүн аракетинин эсебинен мүмкүн болду. Эскерте кетели, сөз калктын демилгелери тууралуу жүрүүдө.***

Мындай тыянакты кантип чыгардык? ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун командасы 2012-2016-жылдар аралыгында жергиликтүү демилгенин 234 мисалын талдап чыкты. Бул мисалдардын сүрөттөлүшү “Жергиликтүү демилге” деген аталыштагы конкурска катышуу үчүн Өнүктүрүү саясат институтуна өтүнмө түрүндө түштү. Алардын тематикалык багыттуулугуна анализ жүргүзүү үчүн бардык окуялар 1-таблицада көрсөтүлгөндөй, 4 негизги категорияга топтоштурулду.

**“Базалык инфраструктура” категориясы** өзүнө жамааттын физикалык жашап кетүүсүн камсыздаган инфраструктуранын элементтерин курууга, калыбына келтирүүгө же оңдоп-түзөөгө байланышкан демилгелерди камтыйт. Бул жакка таза суу, жолдор жана көпүрөлөр, көчөлөргө жарык берүү, муниципалдык транспорт жана катуу тиричилик калдыктарын (таштанды) жыйноо жана чыгаруу боюнча долбоорлор кирген. Бул түрдүү демилгелерди көтөргөн жамааттар минималдуу турмуш шарттарын, коомсуздукту камсыздоо менен алектенишет. Белгилей кетчү жагдай, 90-жыдардын этегинде, 2000-жылдардын башында Кыргызстандын айылдарындагы коомдук турмушта мына ушундай демилгелер үстөмдүк кылчу. Анткени СССРден мураска калган инфраструктура мамлекет тараптан каржылоонун жоктугунан улам талкаланып отуруп, бара-бара жоголо берген. Жамааттар мамлекеттин көңүл сыртында калып, өз арбайын өздөрү согуп, желкесин карт-карт тырмап, түзүлгөн кырдаалдан өз күчү менен чыгуунун амалын издегенден башка айласы калган эмес. Албетте, бул иштерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана эл аралык донордук өнүгүү долбоорлорунун катышуусу менен жасашкан.


**“Жергиликтүү экономикалык өнүгүү (мындан ары – ЖЭӨ) жана айыл чарбасы” категориясы** өзүнө жумуш орундарын түзүүгө жана негизинен агрардык бизнести өнүктүрүүгө багытталган демилгелердин мисалдарын камтыйт. Бул категорияга кирген демилгелер агрардык тармак экономиканын негизги реалдуу тармагы болуп эсептелген элеттик жамааттар үчүн мүнөздүү. Анткен менен мындай демигелердин санынын аздыгы жалпысынан бизнес мамлекеттин колдоосу менен өнүгүү үчүн шарттарды түзүп келатканынан, мындан улам жамааттар көңүлдү элеттик турмуштун башка өңүттөрүнө буруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонунан кабар берет.

**“Абаттоо” категориясы** өзүнө сейил бактарды, аллеяларды, эстеликтерди, коомдук транспорт үчүн аялдамаларды, айрым административдик имараттарды абаттоо демилгелерин камтыйт. Бул объекттер да инфраструктуранын элементтери болуп эсептелет, бирок жашап кетүү үчүн милдеттүү мүнөзгө ээ эмес. Чындыгында эле, таза сууга жеткиликтүүлүк маселеси курч турган чакта аллея жана эстеликсиз деле күн өтө берет эмеспи. Бул категорияда мисалдардын санынын өсүшү жергиликтүү жамааттарды инфраструктуранын баштапкы кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүк гана эмес, ошону менен бирге муниципалитеттин тышкы көрүнүшү, маданий жана социалдык абалы да ойго салаарынан кабар берет.

**“Социалдык чөйрө” категориясы** өзүнө социалдык же материалдык эмес маселелерди чечүүгө багытталган демилгелердин мисалдарын камтыйт. Алар жашап кетүү үчүн зарыл болуп эсептелбейт. Бирок “адам кара нан менен гана ток болбойт” деген ылакап кепти тастыктап, жергиликтүү жамааттардын социалдык өнүгүүсүн да ырастап турат. Бул категорияга жергиликтүү жамааттар коомдогу эң чабал жана корголбогон катмар – майыптуулугу бар адамдар, кары-картаңдар үчүн турмуш шартты жакшыртуу; маданиятты жана спортту өнүктүрүү; мектепке чейинки жана мектепте билим берүү үчүн

шарттарды жакшыртуу багытындагы демилгелер кирген. Атүгүл, жамааттардын колу китепканаларга, ден соолукту чыңдоо, укук тартибин орнотуу жана жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүсү үчүн шарттарды түзүп берүүгө да жетти.

**_1-диаграмма. Жергиликтүү демилгелердин тематикалык структурасынын өзгөрүүсүндөгү динамика, жылына түшкөн өтүнмөлөрдүн жалпы санына карата пайыздар менен_**




1-диаграммадан көрсөтүлгөндөй, социалдык демилгелердин үстөмдүк кылуусу 2010-жылдары жергиликтүү жамааттын өнүгүү деңгээлин да жөн жеринен мүнөздөгөн жок. Бул үстөмдүк жамааттар көп жагынан баштапкы керектөөлөрүн канааттандырып, инфраструктуранын базалык кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү камсыздап, киреше булактарынын жана жумуштуулуктун тегерегиндеги кырдаалды жакшырта алганын, ошентип акыры өнүгүүнүн социалдык маселелерин чечүү менен алектене баштаганын ырастап турат.

Бул кубандырган факт. Ал жергиликтүү жамааттар эбегейсиз чоң жаратуучу күчтүн генератору болгонун, өзгөрүлмө шарттарга ийкемдүү түрдө ыңгайлашып кетүүгө; мезгилдин экономикалык да, социалдык да чакырыктарына жооп кайтарууга; ошондой эле эң эле кеңири маанисинде адамдын өнүгүүсү үчүн чөйрөнү түзүүгө жөндөмдүү болгону тууралуу тезисти кайра-кайра далилдеп жатат. Дал ушул жергиликтүү жамааттар Кыргыз Республикасындагы күч-кубаттын, элдин жана бийликтин булагын түзөт.

**_1-таблица. Жергиликтүү демилгенин мисалдарынын тематикалык багыттуулугу, жылына түшкөн өтүнмөлөрдүн саны_**

| | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|
| **Базалык инфраструктура, анын ичинде:** | **10** | **17** | **26** | **24** |
| таза суу | 2 | 5 | 4 | 9 |
| жолдор жана көпүрөлөр | 3 | 7 | 19 | 7 |
| көчөлөрдү жарыктандыруу | 3 | 4 | 1 | 3 |
| катуу тиричилик калдыктарын (таштанды) жыйноо жана чыгаруу | 2 | | 2 | 5 |
| муниципалдык транспорт | | 1 | | |
| **Жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана айыл чарбасы, анын ичинде:** | **7** | **10** | **5** | **3** |
| жайыттар | 1 | | | |
| сугат суу | | 3 | 3 | 3 |
| жергиликтүү экономикалык өнүгүү | 6 | 7 | 2 | |
| **Абаттоо, анын ичинде:** | **0** | **0** | **3** | **11** |
| сейил бактарды, аллеяларды, эстеликтерди, коомдук транспорт үчүн аялдамаларды, административдик имараттарды абаттоо | | | 3 | 11 |
| **Социалдык чөйрө, анын ичинде:** | **14** | **19** | **40** | **45** |
| майыптуулугу бар адамдар жана кары-картаңдар үчүн социалдык кызмат көрсөтүүлөр | 3 | 3 | 7 | 6 |
| маданият | | 1 | 2 | |
| спорт | 1 | 2 | 4 | 10 |
| мектепке чейинки билим берүү үчүн шарттар | 3 | 7 | 13 | 9 |
| мектепте билим берүү үчүн шарттар | | | 6 | 8 |
| укук тартиби | | | | 2 |
| жаштардын бош убактысын уюштуруу | | 1 | | 2 |
| китепканалар | 1 | 1 | | |
| ден соолукту чыңдоо үчүн шарттар | 1 | 2 | 4 | |
| жарандык катышуу жана маалымат алмашуу | 5 | 2 | 4 | 8 |
| **Өтүнмөлөрдүн жылдар боюнча жыйынтыгы:** | **31** | **46** | **74** | **83** |
| **Өтүнмөлөрдүн баары:** | | | | **234** |

# Балдар аянтчасынын арт-объекттери тарбиялоонун усулу катары

Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Гроздь айылдык аймагынын курамына кирген Бирдик айылындагы бала бакчада бир толук күн тарбияланган топ жана толук эмес күн болгон эки топ бар. Бакчадагы балдардын жалпы саны 70ке жетет. Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде заманбап талаптарга жооп берген оюндар үчүн аянтчанын жоктугу эзелтеден бери чечилбей келаткан чоң көйгөй болчу. Бул жерде селкинчектер менен отургучтардан башка балдардын таза абада интеллектуалдык, эстетикалык, дене бой өнүгүүсү үчүн көмөктөшчү эч нерсе болгон эмес.

Бул көйгөй башка көптөгөн мектепке чейинки мекемелерде да бар жана буга каражаттын жетишсиздиги, демилгенин жоктугу, кызматкерлердин өз кесибине карата кайдыгер мамиле себеп болууда. Узактан бери бул факторлор Бирдик айылынын жашоочуларынын демилге көтөрүп чыгуусуна бут тосуп келген. Акыры лидерлер да табылды. Алар бала бакчанын жана “Виктория” коомдук уюмунун жетекчилери жана кызматкерлери болду. Алар биринчиден, бул көйгөйдү артыкчылыктуу маселелердин ичинен иргеп алышты. Экинчиден, массалык маалымат каражаттарына жарыялаган макалалардын жана видеотасмалардын жардамы менен бул көйгөй канчалык маанилүү болгонуна элеттиктердин назарын бурушту. Алар аянтчаны абаттоо боюнча чыгармачыл идеяларга конкурс жарыялап, жаккан долбоорду тандап алып, ишке ашыра турган команданы түптөштү. Конкурсту уюштуруу этабында эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен байланыш түзүштү. ЖӨБ органдары башында эле идеялар менен тааныштыруу иш-чарасына жана жеңүүчүлөрдү аныктоого кошулган.


Долбоор “Биз жомокту чындыкка айландыруу үчүн жаралганбыз” деп аталып, аны ишке ашырууга бала бакчага барган наристелердин дээрлик бардыгынын ата-энеси тартылды. Алардын ичинен 25 адам тандалып алынып, беш командага бөлүнүштү. Таймаш формасы жөн жеринен тандалып алынган жок. Анткени дал ошол форма, тажрыйба көрсөткөндөй, чыгармачыл энергияны активдештирип, мыкты жыйынтыктарга жеткирет. Тапшырма баары үчүн бир болчу – бала бакчада эстетикалык, тарбиялык, өнүктүрчү критерийлерге жооп берген, колдо богон материалдардан бир нече көңүл ачуучу объектти түзүү. Конкурстанттар үчүн 5 миң сом көлөмүндө байге фонду, интернет добуш берүү аркылуу жыйынтык чыгаруу жана бүтүндөй процессти ММКда чагылдыруу бир топ күчтүү мотивация болду.

Конкурс 2016-жылдын 15-майынан 1-июнуна чейин өттү. Натыйжада бала бакчада оригиналдуу, атүгүл, айрым бир маанисинде экзотикалык да объекттер пайда болду.

Мисалы, “Токтогул” командасы төрт арт-объектти даярдады. Алардын ичинен А.С.Пушкиндин “Падыша Салтан тууралуу” жомогунун негизинде жасалган “Ак куу – каныша” композициясын эң көлөмдүү жана көңүлдү бурган объект деп атаса болот. Ак куунун өзүн командадагы аталар автомашинанын шинасынан кесип, ак сыр менен боёшкон. Жанында тактайдан жасалган секиче-сахна орнотушту. Ал жерден жомокту сахналаштырса болот. Бул жумуштарга кеткен чыгымды бир жарым миң сом деп баалашканы менен, анын балдар үчүн мааниси баа жеткис болуп калды.

Аянтчадагы дагы бир маанилүү объект – үч дөңгөлөктүү велосипед, аны аталар тактайдан, үч шинадан жана чыныгы рулдан жасашкан. Тактайды болсо ачык түскө боёп коюшкан. Бул курулма балдарда техникалык ой жүгүртүүнү, техникага болгон кызыгууну калыптандырат. Буга көбүнчө кыздарды отургузуп алып, шамал менен жарыша велосипед тепкиси келген эркек балдар кызыгууда. Велосипед менен оюн процессинде жамаат менен бир болуу, командада иштөө жөндөмдүүлүгү калыптанып, Корней ЧУЙКОВСКИЙдин “Башаламан” ырындагы “Аюу-




лар велосипед тээп баратканда...” деген жерин сахналаштырса болот. Ата-энелердин бул техникалык ойлоп табууга кетирген чыгымы 1500 сомду түздү.

Мындан тышкары ата-энелер машиненин шиналарынан көздү кызарткан гүлзар жасашты. Шиналар гүл түрүндө кескиленип, өтө ачык түстөргө боёлгон. Бул гүлзарга петунья, вербена, календула гүлдөрү отургузулган. Экологиялык тарбия берип, балдарда табиятка болгон сүйүүнү калыптандыруу үчүн бул гүлзар абдан керек жана маанилүү. Балдар суу куйгуч менен сугарып, жерди балдар үчүн күрөк, айры менен жумшартып, айтор гүл өстүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Мындай жумуштар өсүмдүктөр үчүн жоопкерчиликти калыптандырууга жардам берет. Бул болсо тарбия процессинде абдан маанилүү учур. Бул гүлзарга ата-энелер 4000 сом жумшашкан.

Пластиктен козу карындар жана бөтөлкө менен чакадан жасалган гүлдөр да аянтчада өз ордун табышты. Алар да балдарда кооз буюмдарга кызыгууну, эстетикалык табитти калыптандырып, түстөрдү айырмалап, абстрактуу ой-жүгүртүүгө көмөктөшөт. Бул декорацияга салымды 200 сом деп бааласа болот. Ошентип аталган команданын аянтчаны абаттоого кошкон жалпы салымы 7200 сом болду.


Балдар бакчасын жасалгалоодо өз сөзүн “Красавишны” командасы да айтты. Бул команда “Чүрөк” деген композицияны жасаган. “Чүрөк” – ширетилген металл конструкциясынан жасалган оригиналдуу асма гүлзар. Мында асма жарым сфералык вазондорго топурак салынып, ал жерге петунья, герань, цинния гүлдөрү отургузулган. Курулма төрт бурчтук клумбанын чордонунда орун алып, чет-чекеси оймо түрүндө отургузулган гүлдөр менен кооздолгон. Ата-энелердин баамында, бул курулма балдар – жашоонун гүлү деген маанини берип турат. Экологиялык-эстетикалык тарбия максатында бул курулма абдан пайдалуу. Балдар аянтындагы бул бөлүктү жасалгалоого ата-энелердин кошкон салымы 2000 сомго бааланды.

“Балалык” деп аталган үчүнчү команда классика аттуу оюн үчүн бурч жасады. Бул – дүйнө жүзүндө балдардын эң популярдуу оюну. Ал наристелердин дене бой өнүгүүсүнө чоң салым кошот. Бул оюн маалында тең салмактуулук, атаандаштык сезимдери пайда болуп, утулганды да, утканды да үйрөтөт. Ал тогуз керамогранит плиталарынан туруп, алардын бетине тамгалар жана сандар тартылган. Бул болсо балдарга ары-бери чуркагандан тышкары, тамгаларды, сандарды үйрөнгөнгө да жардам берет. Буга кеткен чыгым 500 сомду түздү.

Аянтчадагы өзүнө бөлүнгөн жерге мультфильминдеги каармандарды – аюуну, матрешканы, ак кууну, Гена крокодилин жасаган дагы бир команда “Жамаат” деп аталат. Бул жерде жаркын, күндүн нурлары тийип турган, бактылуу балалыктын символу болгон атмосфера түзүлгөн. Бурч чоң көлөмдөгү керамогранит плиталар менен төшөлгөн аянтча менен толукталды. Бул плиталардын бетине каармандар тартылган. Бул болсо түрдүү оюндарды уюштуруп, эртең мененки көнүгүүлөрдү жасап, таза абада оюн салган балдардын көңүлүн ачуу үчүн түрдүү айла-амалдарды ойлоп табууга жол ачат. Ошондой эле бурч заманбап стилдеги жыланча түрүндө жабдылган. Бул болсо дене бой жана интеллектуалдык жактан өнүгүүгө жардам берет. Команданын аянтчаны абаттоого кошкон салымы 6000 сом болду.

“Балалык” деп аталган бешинчи команда болсо балдардын дене бой тарбиясын максат кылды. Бул команда жети шинадан тосмолорду жасады. Мындан тышкары ата-энелер балдары жылаңайлак ойносун деп кум төгүлгөн аянтча жасашты. Албетте бурчта гүлзар үчүн да орун табылды. Аны эки шинадан жасап, бальзамин гүлдөрүн отургузушту. Команданын чыгымы 3000 сомду түздү.

Ошентип, балдар аянтчасын абаттоо долбооруна ата-энелер жалпысынан 18 700 сом сарпташты. Ал эми балдардын кубанычын жана өсүп келаткан муунду тарбиялоодо көп кырдуу жардам-






ды акчалай баалоого мүмкүн эмес. 2016-жылдын жай мезгилинде ишке ашырылган идеялардын баяндамасы жасалып, ар бир команда аны видеотасма менен коштоп, жасаган иштери тууралуу айтып беришти. Андан кийин беш күн бою социалдык тармактарда добуш берүү жүрдү. Колдонуучулар мыкты, кызыктуу жана таанытуучу долбоорду тандашты. Ошондон кийин жеңүүчү командаларды сыйлоо аземи өтүп, ал майрамдык торт менен жыйынтыкталды. Дагы бир аптадан кийин бул командалар тууралуу макала массалык маалымат каражаттарында жарык көрдү.

Балдардын кубанычынан тышкары бул демилгенин негизги жыйынтыгы – ата-энелер балдар аянтчасын абаттоого өз салымын кошуп, балдардын дене бой, экологиялык, эстетикалык, политехникалык, интеллектуалдык өнүгүүсү үчүн активдүүлүк зонасын түзүшүп, муну менен наристелердин ар тараптуу өсүшүнө көмөктөштү. Ошондой эле бул демилге ата-энелерди бириктирип, аларды бирдиктүү долбоордун тапшырмаларын аткарууга багыттап, убакыттын жана ресурстардын жетишсиздигине карабастан, ар кандай оорчулуктагы тапшырмаларды аткарууга жөндөмдүү болгон команданы түздү. Ата-энелерде "эгерде бириксек бир чоң күчкө айланабыз" деген ишеним пайда болду. Мындан тышкары жарактан чыккан буюмдар да кайрадан колдонулду. Ал эми атаандаштык сезими чыгармачыл демилгелерди өнүктүрүүгө да, убакыт жана каалоо табууга да көмөктөштү. Балдар аянтчасындагы арт-объекттер элеттиктердин да көңүлүн буруп, алар үйлөрүнүн чет-чекесин ушундай кылып кооздой башташты. Коомчулуктун күчү менен долбоордук ишмердүүлүктү уюштуруу жана бул демилгени ММКда чагылдыруу мүмкүнчүлүгү башка мектепке чейинки билим берүү мекемелерин ушул өңдүү демилгелерди ишке ашырууга тартты.

Бул ишти аткаруу процессинде алынган тажрыйба бир топ башка демилгелерге да жол ачты. Аларды элеттиктер ландшафттык долбоорлордо ишке ашырайын деп жатышат. Идеялар бар жана "Эврика" мектеп-комплексинин бүтүрүүчүлөрү бул идеяларды жакын арада болчу эс алуу күндөрү ишке ашырайын деп турушат. ЖӨБ органдары демилгени колдоп, баяндамаларга катышып, жыйынтык чыгаруу боюнча добуш берүүгө да тартылышты. Бардыгы – конкурстун катышуучулары да, ага байкоо салгандар да бир пикирди карманышат: мындай ийгиликке жетүүгө Өнүктүрүү саясат институту уюштурган "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында элеттиктер үчүн уюштурулган окуулар көмөктөштү.

Жаңы демилгелерди ишке ашырууга байге фондунун каражаттары көмөкчү боло алат. Аны менен катар, бул каражат мектепке чейинки билим берүү мекемелерине татыктуу материалдык-техникалык база түптөөгө жардам бермек. Анткени бүгүнкү күндө бул база чеке жылытпайт. Бала бакча АКШ элчилигинин колдоосу алдында ишке ашырылган долбоордун алкагында алынган эмерек менен жабдылган. Ал эми балдардын окуусуна жана өнүгүүсүнө көмөктөшкөн дидактикалык каражаттар жетишпей турат. Мындан тышкары толук кандуу окуу-тарбия процесси үчүн чакан интерактивдүү такта, проектор, балдар үчүн адабият, моториканы өнүктүрүү үчүн конструкторлор (желимден), "блок" конструкторлору, "Багбан", "Балык уулоо", "Дүкөн" оюнчук жыйнагы, бакча үчүн оюнчук шаймандар, азык-түлүк салынган "Супермаркет" арабасы, жыгачтан жана жумшак картондон жасалган пазлдар, чач тарач шаймандары, Барби куурчактары жана дагы көп нерселер керек.

Ошентсе да бүгүнкү күндө элеттиктер үчүн башкы тапшырма – жергиликтүү мектеп-комплексинин спорт залынын курулушу үчүн инвестиция тартуу. Бул маселени сөзсүз чечиш керек жана эл аны кантип чечээрин билип калды. М






# Балдар аянтчасы коопсуздук маселесин чечти

Юрьевка айылдык аймагында 4842 адам жашаса, анын 2031ин аялдар түзөт. Калктын эң көйгөйлүү маселеси – төрөттүн деңгээли бир кыйла жогору болгону менен, бул аймакта мектепке чейинки мекеменин жана балдар оюндары үчүн аянтчанын жоктугу. Буга байланыштуу жаш үй-бүлөлөрдү күн сайын ойго салган маселе – балдар таза абада коопсуз жана мүмкүн болушунча ыңгайлуу шартта кантип жана кайсы жерде ойнойт?

Бул маселе чындап көйгөйлүү болгонун дагы бир факт тастыктап турат: айылдын борбордук көчөсүндө эле жүзгө жакын түтүн бар жана мында бир жаштан он жашка чейинки курактагы 150 бала жашайт. Бул квартал негизги көчөгө жакын жайгашкандыктан балдар адатта жол боюнда ойноп, авариялык кырдаал түзүлүп, кээде кырсык да болуп калат. Транспорттун көбөйгөнүнө байланыштуу жолдо кыймыл активдүү, машина балдарды коюп кеткен учурлар бир нече жолу болгон. Тобокелдик жогорку зонада экиден беш жашка чейинки наристелер бар. Элет жергесинде энелердин жаны тынбайт, алар үй тиричилиги менен алек, мал багышат, ошондуктан балдарды такай көзөмөлдөп турууга убактысы жетпейт. Балдар болсо ылай-чаң аралаш жерде, арыктарда жана көлмөлөрдө ойноп жүрө беришет. Мындан улам бул көйгөй аймактагы дээрлик ар бир үй-бүлөгө тиешелүү болуп турат.

Бала бакчанын жана оюн үчүн аянтчанын жоктугу көйгөйү дайыма айылдагы чогулуштарда, анын ичинде курултайларда, бюджеттик угуулар маалында көтөрүлүп келген. Акыры башында Камел уулу Актан турган алты демилгелүү жигит чыгып, бул маселени чечмей болушту.

Биринчи кезекте алар балдар аянтчасына жер участогун бөлүп берүү тууралуу айылдык аймактын башчысы менен макулдашты. Башчы демилгени колдоп, долбоорду жактырып, ээн, тынч, жолдон алыс жерде жер бөлүп берди.

Андан кийин айылдык чогулуш өткөрүшүп, ага 160 киши катышты. Кенже курактагы балдары бар ар бир түтүндөн 500 сомдон чогултмай болушту. Акча дале чогулуп жатат, бирок баштапкы сумма бар – ушул күнгө чейин 20 миң сом чогулду. Бул болсо алгачкы иштерди баштай берүүгө шарт түзүп жатат. Жумуштар ашар ыкмасы менен жүргүдө – бир күнү Юрьевканын жашоочулары чогулуп, участокту тегиздеп, ал жерге 5 машина кум төгүштү. Чогулган акчага труба, цемент, эски машине шиналарын сатып алышты. Бул шиналар менен аянтчанын тегерегин тосуп чыгышат. Балдар да жумуштарга тартылышты – алар аянттагы кумда болушунча ойношту.

Балдар аянтчасынын курулушу бүтө элек, дагы селкинчектерди, отургучтарды, дөбөлөрдү орнотуп, тегерегин тосуп чыгыш керек. Бирок буга карабастан ата-энелердин көңүлү бир аз да болсо тынчып калды – балдар бул жерди жакшы көрүп, азыртадан эле ушул жерден ойноп жүрүшөт. Ата-энелерде балдардын коопсуздугу үчүн тынчсыздануута негиз жок, анткени бул жакка машине дээрлик келбейт. Экинчиден, балдарга тегеректеги үйлөрдө жашагандар баш-көз болуп турушат. Күн сайын бул жерде элүүгө жакын бала ойнойт.

- Менин кичинекей төрт балам бар. Мурда алар жолду кесип өткөндө кырсыкка кабылбаса экен деп тилеп, санаага батчумун. Эми болсо аларды оюн аянтчасында бейкапар калтырып кете берем, анткени коопсуз жерде ойноп жатышканын билем. Аялым мурда балдарды көзөмөлдөп, ары-бери чуркап, алагды болсо, эми үй тиричилиги үчүн убактысы кенен болуп калды. Балдар ынтымактуу, алар коопсуз жерде көңүлдүү убакыт өткөрүшөт. Албетте коопсуздук жана балдардын өнүгүүсү жагынан алып караганда бала бакча алда канча ишенимдүү болмок. Бирок мурдагыга караганда азыр жакшы болуп калбадыбы, - деп айтат элет тургуну Анарбек ТОЛБАШИЕВ.

Жашоочулардын көбүнүн пикири да ушундай. Алар маселени биргелешип чечкен оңой экенине көздөрү жетти. Анын үстүнө бул арзаныраак да түшөт: жергиликтүү жамааттан акчалай салым 20 миң сомду түздү. Ашардын катышуучуларынын эмгек салымы да ушундай эле суммага бааланды. Ошондой эле элеттиктер муну менен токтоп калбастан, баштаган ишин аягына чыгарат деген ишеним бар. Учурда аянтчаны абаттоого, тосмо орнотууга жана түрдүү аттракциондорго акча чогултулуп жатат. Байге фондунун акчасын дал ушул максатта колдонооюн деп турушат. Аны менен катар селкинчек, дөбө, отургуч орнотууга 150 миң сом керек, 70 миң сом тосмонун торчосун сатып алууга кетсе, 15 миң сом кум аянтчасын даярдоого жана жок дегенде бир турник сатып алганга жумшалат.

Адамдар бул демилгени кош колдоп беришти жана ишти аягына чыгармайынча алдыга коюлган максаттан баш тартышпайт.

# Мыйзамдардагы жаңылыктар

**Бектурган ОРОЗБАЕВ** даярдаган

## Жергиликтүү кеңештердин төрагаларынын эмгек акысын төлөө жөнүндө

“Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациясы жөнүндө” Жобо бекитилди. 2016-жылдын 12-октябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин №01-24/166 буйругу менен “Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациясы жөнүндө” Жобо бекитилди. Ошондой эле бул буйрук менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү бюджеттеги каражаттардан айылдык кеңештин төрагаларына бир жолку компенсацияны төлөп берүү сунушталат.

*Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБЭММАнын 2016-жылдын 12-октябрындагы № 01-24/166 буйругу менен бекитилди*

**Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациясы жөнүндө**
**ЖОБО**

Айылдык кеңештин сессиясы иштеген мезгилде, айылдык кеңештин төрагасынын бир жолку компенсациясын эсептөө үчүн айыл өкмөт башчысынын кызматтык эмгек акысы негиз катары болот. Эсептөө төмөнкүдөй жүргүзүлөт.

Кызматтык эмгек акы тиешелүү айда иш күндөрдүн санына бөлүнөт, ошондо компенсациянын бир иш күндүк суммасын түзөт жана ошол сумма кеңеш иштеп жаткан сессиялык күндөргө көбөйтүлөт. Бир календардык айдын ичинде 23 жумушчу күнгө чейин болушу мүмкүн. Ошондуктан, айылдык кеңеште кайсыл айда сессия өткөрүлгөнүнө жана ошол айда канча иш күн болгонуна ылайык эсептөө жүргүзүлөт.

Коомдук башталышта иштеген айылдык кеңештердин төрагаларынын бир жолку компенсациясы төмөнкү формулага ылайык аныкталат:

БКС=К1*СКС

К1=КЭА/ИК(N)

мында:

БКС-сессия иштеген мезгилиндеги айылдык кеңештин төрагасынын бир жолку компенсациясынын суммасы;

К1- айылдык кеңештин бир иш күнү үчүн компенсация;

СКС - Сессиялык күндөрдүн саны;

КЭА - Айыл өкмөт башчысынын кызматтык эмгек акысы;

ИК(N)-тиешелүү айдагы иш күндөр. Бир жолку төлөнүүчү компенсация, киреше салыгын жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөрдү кармап калуу менен жүргүзүлөт.

Мисалы: формулага ылайык, БКС=К1*СКС 14300=650*22:

650 * 1 = 650 (К1);

К1=КЭА/ИК (N) К1=14300 / 22.

## Муниципалдык кызмат жөнүндө

***2016-жылдын 30-майында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев “Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамына кол койду. Мыйзам 2016-жылдын 21-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган.***

Мыйзамдын максаты – мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга кадрларды тандоо системасын жана кызматчылардын натыйжалуу, жемиштүү жана жоопкерчиликтүү иштөөсүнө түрткү болуучу материалдык жана материалдык эмес мотивдештирүү механизмдерин жакшыртуу. Жыйынтыгында бул мамлекеттик башкаруу системасын жана калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын жакшыртууга көмөктөшөт. Кабыл алынган Мыйзамда мамлекеттик жана муниципалдык кызмат өтөөнүн бирдиктүү укуктук негиздери аныкталган.

Кызматкердин ишмердигинин жыйынтыктары, сиңирген эмгегине жараша баа берүү жана кызматка көтөрүү бири-бирине тыгыз байланыштырылган. Бул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тарта 2004-жылдын 11-августундагы №114 “Мамлекеттик кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы жана 2004-жылдын 21-августундагы №165 “Муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамы күчүн жоготту.

## Жергиликтүү маанидеги жаңы маселе – калкка консультациялык-укуктук жардам жөнүндө

***2016-жылдын 12-декабрында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ “КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамына кол койду. Бул Мыйзам “Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизет.*** Мыйзам калктын мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамына жеткиликтүүлүгүн камсыздоого багытталган. Мисалы, “Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө” КР Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор: кепилденген юридикалык жардам системасынын алкагында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөткөн Адвокаттардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартибин тактайт; кепилденген юридикалык жардам системасында адвокатура институтуна катышуу жолдорун бекитет; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тийиштүү макулдашуу түзүүнүн негизинде адвокатура институтунун калкка консультативдик-укуктук жардам көрсөтүү укугун аныктайт. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамына киргизилген өзгөртүүлөр төм. караштырат: аталган Мыйзамга **“консультациялык-укуктук жардам” терминин** киргизет. Бул **- Кыргыз Республикасынын укуктук системасы, укук субъекттеринин укуктары жана милдеттери, соттук жана соттон тышкаркы тартипте укуктарды ишке ашыруу жана пайдалануу ыкмалары жөнүндө маалымдоо; укук маселелери боюнча консультациялоо; укуктук мүнөздөгү документтерди түзүүгө жардам берүү; квалификациялуу юридикалык жардамдын аныктамасына туш келбеген, мазмуну «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган жардамдын башка түрлөрү;** ЖӨБ органдарынын калкка консультациялык-укуктук жардам көрсөтүүсү тууралуу жобону жергиликтүү маанидеги маселелер тизмегине кошуу; калкка укуктук жардам көрсөтүү системасын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча шаар мэриясына, айыл өкмөтүнө ыйгарым укуктарды берүү.

## Берилген ыйгарым укуктар жөнүндө

***2016-жылдын 6-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ “Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү чөйрөсүндө айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамына кол койду.***

Мыйзамдын концепциясы төмөнкүлөргө багытталат: мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү боюнча конституциялык принципти ишке ашыруу; берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттарды бөлүп берүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү мүмкүнчүлүгү тууралуу КР Конституциясынын 113-беренесинин 2-бөлүгүндөгү талапты ишке ашыруу. Ушул тапта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тийиштүү мыйзамсыз жана мамлекеттик орган менен келишим түзбөстөн, ошондой эле финансы-материалдык жана башка ресурстар менен камсыздалбастан иш жүзүндө төмөнкүдөй мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарышууда: жарандарды каттоого алат, белгиленген тартипте жарандарды каттайт жана каттоодон чыгарат, шайлоочулардын тизмесин түзөт; жарандык абалдын актыларын каттайт; нотариалдык иштерди жасайт; аскер кызматына милдеттүүлөрдү алгачкы каттоого алат, аскердик каттоого тургузат, каттоодон чыгарат, аскер кызматына чакыруу иштерине көмөктөшөт; салык чогултат; статистика жүргүзөт ж.б. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 17-беренесин аткарууга байланыштуу кабыл алынган Мыйзам менен төмөнкү тармактык мыйзамдарга жана кодекске өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилди: Кыргыз-Республикасынын Үй-бүлө кодекси; “Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө” КР Мыйзамы, “Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Кыргыз Республикасындагы кант диабети жөнүндө” КР Мыйзамы, “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдөгү жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” КР Мыйзамы, “Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Балдарды эмчек эмизип багууну коргоо жана балдарды жасалма тамактандыруу азыктарынын жана каражаттарынын маркетингин жөнгө салуу жөнүндө” КР Мыйзамы, “Жарандардын репродуктивдик укуктары жана аларды ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө” КР Мыйзамы, “Нан унун байытуу жөнүндө” КР Мыйзамы, “Энергияны үнөмдөө жөнүндө” КР Мыйзамы, “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын өнүктүрүү жөнүндө” КР Мыйзамы, “Айыл чарба багытындагы жерлердин кыртышынын күрдүүлүгүн коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө” КР Мыйзамы, “Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо жөнүндө” КР

Мыйзамы, “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө” КР Мыйзамы, “Качкындар жөнүндө” КР Мыйзамы, “Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумунун органдары жана мекемелери жөнүндө” КР Мыйзамы, “Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Озон катмарын коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Парник газдарынын эмиссиясы жана жутулушу жагындагы мамлекеттик жөнгө салуу жана саясат жөнүндө” КР Мыйзамы, “Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө” КР Мыйзамы, “Өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо жана пайдалануу жөнүндө” КР Мыйзамы, “Аңчылык жана мергенчилик чарбасы жөнүндө” КР Мыйзамы.

## Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары жөнүндө

***2016-жылдын 26-октябрында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамына кол койду.*** Кабыл алынган Мыйзам муниципалдык кызмат көрсөтүү системасын оптималдаштыруу жана стандартташтыруу максатында иштелип чыкты. Буга байланыштуу “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө” КР Мыйзамынын 10-беренесинин ченемдерин тактоо каралган. Ага ылайык, мындан ары муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн Базалык реестрине кирген муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитет. Ал эми муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегинин стандарттарын тийиштүү жергиликтүү кеңеш бекитет.

## Административдик жол-жоболорго байланыштуу жарандардын кайрылуулары жөнүндө

***2016-жылдын 5-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамына кол койду.*** Кабыл алынган Мыйзам “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамынын 96-беренесин ишке ашыруу максатында иштелип чыкты. Мисалы, аталган Мыйзамдын 96-беренесинин 4-бөлүгүндө “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамы күчүнө кирген күндөн тартып «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» КР Мыйзамы административдик жол-жоболорду жүзөгө ашырууга байланышпаган жарандардын кайрылууларын кароого тиешелүү бөлүгүндө гана колдонулат деп аныкталган. Аны менен катар административдик жол-жоболор дегенде администрациялык органдын кызыкдар адамдын арызынын, администрациялык органдын демилгесинин негизинде укуктарды жана/же милдеттерди белгилөө, өзгөртүү же токтотуу, анын ичинде административдик актыны берүү, же болбосо кызыкдар жакты, анын мүлкүн каттоо же эсепке алуу, же болбосо мамлекеттик бюджеттин эсебинен мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган мүлктөн акча каражаттарын, башка мүлктү берүү жана/же кызмат көрсөтүүлөр боюнча аракеттерди түшүнсө болот. Ошентип кабыл алынган Мыйзам менен “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 5-беренесине толуктоолорду киргизүү каралды. Ага ылайык, бул Мыйзам административдик жол-жоболорго байланыштуу кайрылууларга жайылбайт. Анткени мындай кайрылууларды кароо тартибин “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамы жөнгө салат.

## Электрондук башкарууну жергиликтүү бюджеттен каржылоо жөнүндө

***2016-жылдын 25-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ “Маалыматташтыруу жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2016-жылдын 30-июнунда кабыл алган.*** Аталган Мыйзам маалыматтык жана коммуникациялык технологиялардын системалык интеграциялоо процессин өркүндөтүүгө багытталган. Маалыматтык жана электрондук кызмат көрсөтүү максатында жалпы телекоммуникациялык инфраструктураны жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасын куруу Мыйзамдын негизги тапшырмасы болуп эсептелет. Мыйзам менен Кыргыз Республикасындагы маалыматташтыруу жана электрондук башкаруу чөйрөсүн жөнгө салууну, ошондой эле электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын ишке ашырылышын координациялоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу органдын укуктарын караштырган өзгөртүүлөр киргизилди. Ошондой эле кабыл алынган Мыйзамда каралгандай, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарын кошпогондо, мамлекеттик органдар жана **жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** чыгымдар сметасынын че-

гинде мамлекеттик маалыматтык системаларын иштеп чыгууга жана иштетүүгө сарпталган ресурстарды, акча каражаттарын караштырууга, **маалыматташтыруу жана электрондук башкаруу жаатындагы пландарга жана программаларга ылайык алардын пайдаланылышын контролдоого жана электрондук башкаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын ишке ашырылышын координациялоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу органды маалымдоого милдеттүү.**

## Электрондук форматта тооруктар жана аукциондор жөнүндө

***2016-жылдын 22-июнунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ "Тооруктарды, аукциондорду өткөрүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР мыйзамына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2016-жылдын 18-майында кабыл алган.***

Мыйзамдын максаты – электрондук форматта тооруктарды жана аукциондорду өткөрүү үчүн укуктук негиздерди түзүү.

Буга байланыштуу Мыйзам Өкмөт аныктаган тартипте электрондук форматта төмөнкүдөй тооруктарды жана аукциондорду өткөрүүгө шарт түзө турган Жер кодексине, "Муниципалдык жана коомдук менчик жөнүндө" мыйзамга, Кыргыз Республикасындагы аткаруу өндүрүшү жана соттук аткаруучуларынын статусу жөнүндө" мыйзамга, "Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү көздөйт: жер тилкелерин менчикке же пайдаланууга сатуулар; муниципалдык мүлктү сатуу боюнча аукцион жана муниципалдык менчиктеги объектилерди пайдаланууга жана ижарага берүү боюнча аукцион; камактагы мүлктү, камакка алуунун негиздерине жана түрүнө карабастан, мыйзам боюнча айландыруудан алынып салынган мүлктөн башкасын, сатуу боюнча тооруктар (аукциондор); өндүрүп алууга жаткан кыймылсыз мүлктү сатуу боюнча тооруктар (аукциондор).

## Жарандык абалдын актылары жөнүндө (ЗАГС)

***2016-жылдын 23-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «КР айрым мыйзам актыларына («Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР мыйзамына, КР Үй-бүлө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР мыйзамына кол койду.***

Кабыл алынган мыйзам жарандык абалдын актыларын каттоо чөйрөсүндө ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү максатында иштелип чыкты. Бул Мыйзам менен «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР Мыйзамына жана КР Үй-бүлө кодексине оңдоолор киргизилет.

Мисалы, бул мыйзамда колдонуудагы мыйзамдарды «КР административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө» КР мыйзамынын ченемдери менен айыл конуштарын административдик-аймактык бирдик катары алып салуу бөлүгүндө шайкеш келтирүү каралган.

Мындан тышкары, «жарандык абалдын актыларын жазуу органдары» түшүнүгү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү органдарын, дипломаттык мекемелерди өз ичине камтый турган эске алуу менен, кабыл алынган Мыйзам тарабынан колдонуудагы мыйзамдарга редакциялык мүнөздөгү тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү каралган.

Колдонуудагы мыйзамдардагы алешемдиктер бир катар терс кесепеттерге алып келип жатканын белгилей кетүү керек. Мисалы, жарандык абалдын актыларын каттоодон өткөрүү үчүн инсанды күбөлөгөн документтер тизмесинин жоктугу жарандык абалдын актыларын жазуучу органдардын жарандарга ар башка мамилесин жаратып жатат.

Жарандык абалдын актыларын мамлекеттик каттоо тартиби жогоруда аталган Мыйзамдын ченемдери менен жөнгө салынарын эске алууга байланыштуу, бирдей укук колдонуу практикасын белгилөө максатында бул Мыйзамды жарандык абалдын актыларын толтурууга зарыл документтер тизмесин так белгилеген жоболор менен толуктоо сунушталат.

## Айыл чарба багытындагы жерлердин бөлүнбөстүгү жөнүндө

***2016-жылдын 30-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Жер кодексине, «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө» мыйзамга) өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2016-жылдын 30-июнунда кабыл алган. Аталган Мыйзамдын демилгечиси – Жогорку Кеңештин депутаты***

***Ө.Ч.ТЕКЕБАЕВ.*** Кабыл алынган Мыйзам айыл чарба багытындагы жерлердин бөлүнбөстүгүн жана максаттуу пайдаланылышын камсыздоого, айыл чарба багытындагы жерлердин белгилүү бир өлчөмүн мыйзамдар менен бекитип берүү жолу менен фермердик чарбаларын ирилештирүү үчүн шарттарды түзүүгө, ошондой эле жерлерди бир категориядан экинчисине эч жүйөсүз өткөрүүлөрдү азайтууга багытталган.

Мыйзамдын демилгечиси белгилегендей, республикада сугат жерлерге курулуштарды жүргүзүү фактылары аз эмес жана өзүм билемдик менен басып алууларды болтурбоого багытталган чаралардын кабыл алынгандыгына, жерди бир категориядан башка категорияга өткөрүүгө мораторий киргизилгендигине карабастан шаарлардын жана айылдардын айланасында айыл чарба багытындагы жерлердин көлөмү тездик менен кыскарууда. Мыйзамдын демилгечиси мунун бир себеби болуп айыл чарба багытындагы жерлердин бөлүнбөстүгүн камсыз кылган мыйзам менен бекитилген ченемдердин жок болгону деп эсептейт. Ошого байланыштуу ири аянттагы мындай жерлери бар көптөгөн менчик ээлери бир жолку пайданы алуу максатында аларды майда участкаларга бөлөт жана жеке адамдарга менчик үй курууга сатып жиберишет. Демилгечи мамлекеттин негизги байлыгы болгон жерге мындай мамиле жол берилбеш керек деп эсептейт. Ошону менен бирге демилгечи белгилегендей, мындан ары фермердик чарбалардагы жерлер ирилениши, айдоо жерлердин аянты көбөйүшү гана керек. Ал үчүн айыл чарба багытындагы жерлердин, бөлүнгүс болуп саналган белгилүү бир өлчөмүн мыйзам аркылуу бекитүүнү, муну менен фермердик чарбалардагы жерлердин ирилешишине жана көбөйүшүнө ыңгайлуу болгон шарттарды түзүш керектигин сунуштады.

Демилгечи буга байланыштуу жана көрсөтүлгөн көйгөйлөрдү чечүүнүн зарылдыгын түшүнүп, КР Жер кодексине жана "Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамына тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүүнү сунуштады. Айталы, жаңы редакциядагы Жер кодексинин 72-беренесинин 3-пунктуна ылайык, мындан ары "5 гектарга чейинки өлчөмдөгү айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү бөлүнбөс болуп саналат. 5 гектардан жогору айыл чарба багытындагы жер үлүштөрү 5 гектардан ашкан өлчөмдөрдүн чектеринде гана өз алдынча участокторго бөлүнүшү мүмкүн. Мында өз алдынча бөлүнүүчү участоктордун өлчөмдөрү 5 гектардан аз болушу мүмкүн эмес".

"Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 15-16-беренелерине ылайык,

«15-берене. Айыл чарба багытындагы жер үлүшүнүн менчик ээси мамлекеттик алымды төлөбөстөн, ушул Мыйзамдын 6-беренесинин талаптарын эске алуу менен аны сатууга укуктуу. 5 гектарга чейинки өлчөмдөгү жер үлүшү майдаланып бөлүнбөстөн, жер аянтынын бирдиктүү контуру менен гана сатылышы мүмкүн. Жер үлүшүн өз алдынча участокторго бөлүүгө жана аларды ээликтен ажыратууга 5 гектардан ашкан өлчөмдөрдүн чектеринде гана жол берилет. Мында өз алдынча бөлүнүүчү участоктордун өлчөмдөрү 5 гектардан аз болушу мүмкүн эмес.

16-берене. Өзгөчө баалуу айыл чарба жерлеринин менчик ээси 5 гектарга чейинки өлчөмдөгү жер участогун майдалап бөлбөстөн, жер аянтынын бирдиктүү контуру менен гана ээликтен ажыратууга укуктуу. Менчик ээси тарабынан өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерин өз алдынча участокторго бөлүүгө жана аларды ээликтен ажыратууга 5 гектардан ашкан өлчөмдөрдүн чектеринде гана жол берилет. Мында өз алдынча бөлүнүүчү участоктордун өлчөмдөрү 5 гектардан аз болушу мүмкүн эмес".

# Күнөскана чарбасы жана тамчылатып сугаруу жөнүндө

***2016-жылдын 25-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Жер кодексине, «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө» мыйзамга) өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койду. Мыйзамды Жогорку Кеңеш 2016-жылдын 30-июнунда кабыл алган.***

Мыйзам күнөскана чарбасын өнүктүрүүгө зарыл инфраструктураны түзүүгө жана тамчылатып сугаруу системасын киргизүүгө багытталган. Ушул максатта Мыйзам Жер кодексине жана «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө» Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизет. Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын чарба жүргүзүүчү субъекттери жабык грунт (күнөскана) шарттарында айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө жана тамчылатып сугаруу системасына өтө чоң кызыгуусун билдирип жатат. Жабык грунт жана тамчылатып сугаруу шарттарында зарыл болгон жумуштарды сапаттуу жүргүзүү үчүн тийиштүү инфраструктураны түзүү керек. КР Жер кодексинин 74-беренесинин 2-пунктунун мурдагы редакциясы жана "Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 11-беренеси өзгөчө баалуу айыл чарба жерлеринде имараттарды жана курулмаларды курууга тыюу салган. Буга байланыштуу аталган Мыйзам күнөскана чарбасын жана тамчылатып сугаруу системасын өнүктүрүү, бул үчүн зарыл инфраструктураны түзүү боюнча зарыл болгон шарттарды камсыздоо максатында кабыл алынган.

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасы жана текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартиби бекитилди

***КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-июлундагы №398 Токтому менен "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнө текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын 15-беренесинин 3-бөлүмүн ишке ашыруу максатында "Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин формасы" жана "Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартиби" бекитилди:***

Ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып бир айдын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына төмөнкүлөр сунушталат: текшерүүлөрдү эсепке алуу китебин жүргүзүү; ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын текшерүүлөрүн каттоо жана эсепке алууну жүргүзүү ушул токтомдун 1-пункту менен бекитилген текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун тартибине ылайык ишке ашырылат.

**1-тиркеме**

## Текшерүүлөрдү эсепке алуу
## КИТЕБИ

______________________________________________

(жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын толук аталышы, дареги)

| № | Текшерүү жүргүзгөн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аталышы | Текшерүү башталган дата | Текшерүү аяктаган дата | Текшерүүнүн негизи жана предмети | Текшерүү жүргүзгөн адамдын (адамдардын) аты-жөнү, кызматы | Текшерүү учурунда берилген көчүрмөлөрдүн, документтердин көчүрмө бөлүктөрүнүн тизмеси | Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамынын колу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |

**2-тиркеме**

## Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине каттоонун ТАРТИБИ

1. Ушул Тартип мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын текшерүүлөрүн каттоо жана эсепке алуу эрежелерин аныктайт.

2. Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурат, жүргүзөт жана расмий документ болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин чечими менен аны жүргүзүү жана сактоо үчүн жооптуу адам дайындалат.

3. Шаар кеңеши жана шаардын мэриясы текшерүүлөрдү эсепке алуунун өзүнчө китебин жүргүзүшөт. Айыл кеңеши жана айыл өкмөтү текшерүүлөрдү эсепке алуунун бирдиктүү китебине же өзүнчө китебине ээ болушу мүмкүн.

4. Текшерүүлөрдү эсепке алуу китеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен форма боюнча жүргүзүлөт.

5. Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин ар бир барагына номер коюлат жана боо тагылат, тигилген барактардын саны иш кагаздарын жүргүзүүгө жооптуу кызматкердин колу менен күбөлөндүрүлөт жана тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мөөрү басылат.

6. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызмат адамы текшерүүнү жүзөгө ашыруу башталганга чейин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинде катталууга милдеттүү.

Бул учурда текшерүүчү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисине кызматтык күбөлүгүн көрсөтүп, текшерүүнүн предметин көрсөтүү менен ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишин текшерүү жөнүндө чечиминин (тескеме, буйрук, көрсөтмө) көчүрмөсүн берүүгө тийиш.


Текшерүүчү (лөр) жөнүндө маалыматтар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине жазылат жана ага текшерүүчү кол коёт.

7. Текшерүүлөрдү эсепке алуу китебине катталбай туруп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишин текшерүүгө жол берилбейт.

8. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынан текшерүүлөрдү каттоо китебин алып коюуга тыюу салынат. Зарыл болгон учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы текшерүүлөрдү эсепке алуу китебинин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн берет.

9. Текшерүүлөрдү эсепке алуу китеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 31-декабрындагы № 346 токтому менен бекитилген Мекемелердин, уюмдардын, ишканалардын ишинде түзүлгөн, сактоо мөөнөттөрү көрсөтүлгөн башкаруу документтеринин типтүү тизмесинин 60-пунктунда белгиленген мөөнөттүн ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында сакталат жана белгиленген тартипте архивге тапшырылат.

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ



## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачыктыгы жана отчеттуулугу: ЭӨЖӨБОЖ долбоору тийгизген таасирине орто аралыкта берилген баа

**Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары,
**Медет СУЛТАМБАЕВ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мониторинг жана баалоо боюнча адиси

2012-жылдан 2016-жылга чейинки мезгил ичинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору жамааттарда жана улуттук деңгээлде чоң жумуштарды жасады. Долбоор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын өркүндөтүүгө жана реформалоого, анын ичинде ЖӨБ органдарынын айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоого олуттуу салым кошту. Долбоор Ысык-Көл, Жалал-Абад облустарындагы жамааттарда ишин жыйынтыктады. Чүй облусунда болсо иштер 2017-жылдын март айында аяктайт. Буга байланыштуу долбоорду ишке ашыруунун орто аралыктагы жыйынтыктарын чыгарып, тийгизген таасирине баа берүү зарыл.

Долбоордун потенциалдуу таасирине анализ жасаардан мурда долбоордун максаттарын жана тапшырмаларын аныктап, объекттерди, методологияны, инструментарийлерди идентификациялап, долбоор тийгизген таасирдин мейкиндүүлүк жана убактылуу алкактарын аныктап алуу зарыл. Мындан тышкары жалпысынан Кыргызстан жана аны менен катар ЖӨБО үчүн ачыктык жана отчеттуулук көйгөйү канчалык актуалдуу болгонун аныктоо керек. “КРда бийликтин отчеттуулук системасы” [1] изилдөөсүнүн авторлору белгилегендей, “отчеттуулукту күчөтүү жарандар менен мамлекеттин ортосундагы ишенимди калыбына келтирүү үчүн өтө маанилүү”. Тийгизген таасирге берилген орто аралыктагы баа ачыктык жана отчеттуулук көйгөйүн чечүү канчалык күчөгөнүн жана илгерилегенин көрсөтүүгө тийиш.

### Долбоордун максаттары жана тапшырмалары

Долбоордун максаттары жана тапшырмалары эки фазага бөлүнгөн жана алардын максаттары дэ-

[1] “Кыргызстанда бийликтин отчеттуулугунун системасы”, 2016-жыл.

эрлик шайкеш келет. Долбоордун өзөктүк максаттары – ЖМБА моделдерин жайылтуу, потенциалды жогорулатуу, мыкты практикаларды жайылтуу, децентралдаштыруу маселелери жана Мамлекеттик кадр кызматынын мамлекеттик (муниципалдык) кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча маселелер ж.б. Максаттардын ушундай саны долбоордун фазалары жана убактылуу алкактары менен байланыштуу. Бирок алардын баары бир маселени чечүүгө баш ийишет – бул ЖӨБ органдарынын ачыктыгы жана отчеттуулугу. Айрым максаттар жана тапшырмалар долбоордун биринчи фазасында жыйынтыкталат. Ал эми калган максаттар долбоордун экинчи, жыйынтыктоочу фазасында аяктайт.

### Убактылуу алкактар

Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору 2011-жылдын ноябрь айынан баштап, ушул күнгө чейин ишке ашырылып келатат. Долбоор төмөнкүчө ишке ашырылат: долбоордун кириш фазасы жана 2 негизги фаза. Кириш фаза 2011-жылдын ноябрь айынан 2012-жылдын март айына чейинки мезгилди камтыган. Долбоордун биринчи фазасы 2012-жылдын апрель айынан 2015-жылдын март айына чейинки мезгилди камтыды. Долбоордун экинчи фазасы 2015-жылдын апрель айынан 2019-жылдын март айына чейинки мезгилди камтыйт. Долбоор кириш жана биринчи фазаларды ийгиликтүү жыйынтыктап, учурда экинчи фазаны ишке ашырууда.

### Географиялык алкактар

Долбоордун кириш фазасында үч облустагы үч айылдык аймак камтылган. Чүй облусунда Ивановка айылдык аймагы, Ысык-Көл облусунда Төрт-Күл айылдык аймагы жана Жалал-Абад облусунда Ленин айылдык аймагы. Биринчи фазасында 26 айылдык аймак камтылды. Жалал-Абад облусунда 16 айылдык аймак, ал эми Ысык-Көл облусунда 10 айылдык аймак. Экинчи фазасында 27 айылдык аймакты камтуу пландалган. Алардын ичинен 2015-жылдын апрелинен бери Чүй облусунда 12 айылдык аймак камтылып, бул жерлердеги иштердин баары 2017-жылдын март айында жыйынтыкталат деп болжолдонууда. 2017-жылдын апрель айынан тарта Ош жана Нарын облустарындагы калган 15 айылдык аймакты камтуу пландалып жатат.


### Долбоор таасирин тийгизчү объекттерди идентификациялоо

Долбоор таасирин тийгизчү өзөктүк объекттер болуп үч максаттуу топ эсептелет. Алар: жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айыл өкмөт башчылары жана кызматкерлери жана түрдүү демилгелүү топторго бириккен жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү. 2012-жылдан 2016-жылга чейинки мезгил аралыгында 41 айылдык аймакта өткөрүлгөн иш-чараларга 55 681 киши тартылды. Сандык курамы боюнча тартылгандардын структурасы төмөнкүдөй болду: жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү – 36,4%, айыл өкмөт башчылары жана кызматкерлери – 35,6%, жергиликтүү кеңештин депутаттары – 12,5%, башка топтор – 15,5%. Ошондой эле долбоордун алкагында бейөкмөт уюмдардын мүчөлөрү, мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрү жана башка кызыкдар жактар тартылган.

### Тийгизген таасирди баалоо маселелери

Тийгизген таасирди орто аралыкта баалоону долбоор да, тышкы баалоочулар да аткара алат. Маалымат булактары, алардын ишенимдүүлүгү жана далил базасы тийгизген таасирди баалоодо эң маанилүү маселе болуп эсептелет. Эң оор маселе – бул долбоор тийгизген таасирдин чек araларын аныктоо жана таасирди башка факторлордон бөлүү. Буга байланыштуу башка маселелер пайда болот: кандай маалыматтар долбоордун таасирин далилдеп турат? Долбоор тийгизген таасирдин жыйынтыктарын кантип өлчөсө болот? ЖӨБ органдарынын айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо үчүн пилоттук айылдык аймактарда долбоор кандай таасир тийгизди? Долбоордун жыйынтыктары потенциалдуу түрдө долбоордун ЖӨБОго, анын ичинде ЖӨБОнун ачыктыгын жана айкындуулугун камсыздоого тийгизген таасиринин деңгээлин аныктайт. Долбоордун таасирин баалоо үчүн түрдүү булактардан маалымат берилген. Булар: социологиялык сурамжылоолор, изилдөөлөр, статистикалык маалыматтар жана долбоордун жетишилген индикаторлорунун жыйынтыктары.

***1-диаграмма. ЖӨБОнун ачыктыгында өзгөрүүлөрдүн динамикасы (%)***




### Долбоордун индикаторлору

Долбоордун алкагында анын жыйынтыктарынын индикаторлору, ошондой эле

долбоордун биринчи жана экинчи фазаларынын индикаторлору иштелип чыккан. Долбоордун биринчи фазасынын индикаторлору ийгиликтүү ишке ашты. Долбоордун экинчи фазасынын алкагында 7 сандык жана бир сапаттык индикатор аныкталды. Долбоордун экинчи фазасынын бардык эле индикаторлору боюнча маалымат берилбегенин белгилей кетүү зарыл. Бул маалымат 2017-жылдын март айынын этегинде, долбоор жыйынтыкталганда берилет. Буга байланыштуу тийгизген таасирди орто аралыкта баалоо долбоордун жыйынтыкталган биринчи фазасы менен көбүрөөк байланышта.

Долбоордун экинчи фазасы үчүн орто аралыктагы жыйынтыктар каралат. Долбоор тийгизген таасирди орто аралыкта баалоонун алкагында биринчи жана жарым-жартылай экинчи фазаларынын индикаторлору боюнча жетишилген жыйынтыктар жана алардын ЖӨБОнун ачыктыгы менен отчеттуулугун камсыздоого тийгизген таасири каралып жатканын белгилей кетүү зарыл. Бул долбоордун биринчи жана жарым-жартылай экинчи фазаларынын индикаторлорун аткаруу тууралуу сандык отчетко караганда, көбүрөөк долбоор ишке ашырылып жаткан төрт жылдык мезгил ичинде ЖӨБОго тийгизген таасирди баалоо болот.

Долбоордун сандык жана сапаттык индикаторлору аткарылган жумуштардын көлөмүн, долбоор тийгизген таасирдин чек араларын чагылдырат. 2012-жылдан 2016-жылга чейин долбоор үч облустагы 41 айылдык аймакты камтып, улуттук, облустук жана райондук деңгээлдерде 63 631 кишини долбоорго катышууга тарта алды. Айыл өкмөтүнүн бюджетинин ачыктыгы жана айкындуулугу боюнча окуудан өткөндөрдүн саны 4986 кишин түздү. Алардын ичинен 1683 (33,7%) кишини долбоор окутса, бейөкмөт уюмдар 3303 (66,2%) кишини окутту. Долбоордун сандык индикаторлору тышкы да, долбоордун өзүнүн да социологиялык сурамжылоолорунун жыйынтыктарында жана КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарында кыйыр түрүндө да чагылдырылган (№1 диаграмма).

Бюджеттин ачык-айкындуулугун жана ЖӨБОнун отчеттуулугун камсыздоо бөлүгүндө ЖӨБ органдарынын ишине таасир тийгизүү долбоор көздөгөн максаттардын бири болгон. Алдыга коюлган максаттарга жетүү үчүн иш-чаралар жана индикаторлор иштелип чыккан. Бюджеттик процесске жарандардын катышуусу менен өткөрүлгөн иш-чаралардын саны индикаторлордун бири болуп эсептелет. Башка бир индикатор – бул Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси. Долбоор тийгизген таасирдин натыйжасында ЖӨБ органдары калк алдында ачык жана отчеттуу болуп калышат жана бул процесс туруктуу мүнөзгө ээ болот деп болжолдонууда. ЖӨБО канчалык ачык жана отчеттуу болуп калганын түшүнүү үчүн муну тастыктаган түрдүү маалыматтардын жеткиликтүү булактарына кайрылабыз.



## Тийгизген таасири тууралуу маалымат булактары

Долбоордун ЖӨБОнун бюджет айкындуулугу жана отчеттуулугу бөлүгүнө тийгизген таасирин баалоо үчүн маалыматтын төрт булагын карап чыгалы. Тийгизген таасирин баалоо объективдүү болушу үчүн триангуляция усулу колдонулат. Бул демек маалыматтын үчтөн кем эмес булагы колдонулат дегенди билдирет. Аталган булактар долбоор тийгизген таасирди аныктоого жардам берет.

Булар 2012-жылы, 2014-жылы жана 2016-жылы пилоттук айылдык аймактарда өткөрүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктары өндүү маалымат булактары. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына карата жеке ишеним Индекси боюнча КР Улуттук статистика комитетинин 2012-жыл жана 2014-жыл үчүн маалыматтары. Бул Эл аралык бюджеттик өнөктөштүк уюму жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыктары. Ошондой эле долбоор пилоттук жана пилоттук эмес айылдык аймактарда өткөргөн иш-чаралардын жыйынтыктары.

Жогоруда айтылган маалымат булактары жарандардын мамлекеттик да, жергиликтүү да бюджеттери боюнча ачыктыгын жана отчеттуулугун кабыл алуусун чагылдырат. Бул элет тургундарынын да (66,3%), шаар тургундарынын да (33,7%) кабыл алуусу. Маалыматтын төрт булагы ой жүгүртүү жана долбоордун таасирин баалоо үчүн база катары кызмат өтөйт.

## Социологиялык сурамжылоолордун жыйынтыктары

Маалыматтын биринчи булагы – бул 2012, 2014 жана 2016-жылдары өткөрүлгөн социологиялык сурамжылоолордун жыйынтыктары. Сурамжылоолорго пилоттук айылдык аймактардын жашоочулары катышкан. 2012-жылы сурамжылоо 42 айылдык аймакта жүргүзүлүп, ага 1370 киши катышкан. 2014-



жылы 59 айылдык аймак камтылып, 1711 киши катышса, 2016-жылдын июнь айында сурамжылоо 28 айылдык аймакта өткөрүлүп, 1399 киши катышкан. Бул изилдөөлөр ЖӨБ органдарынын ишиндеги түрдүү маселелер, анын ичинде ЖӨБОнун ачыктыгы жана отчеттуулугу боюнча коомдук пикирге мониторинг жүргүзүүгө багытталган.

2012-жылдан 2016-жылга чейинки мезгил аралыгында өткөрүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыгы боюнча, респонденттердин баамында, ЖӨБОнун ачыктыгы 26,1% өскөн (18,2 пайыздан 44,2 пайызга чейин). Сурамжылоого катышкан респонденттердин төрттөн бири ЖӨБОнун калк алдындагы ачыктыгына жана отчеттуулугуна оң баа беришкен. “Билбейм/жооп бере албайм” деп жооп кайтаргандардын пайызы 14,6% кыскарганына көңүлүңүздү бурабыз (18,7 пайыздан 4,1 пайызга чейин). Бул жамаат мүчөлөрү тарабынан ЖӨБОнун иши тууралуу маалымдуулугу жана кызыгуусу өсүп жатканынан кабар берет.

ЖӨБО тарабынан берилген маалыматка канааттануу тууралуу респонденттердин жообу ЖӨБОнун элет тургундары алдында ачыктыгынын башка бир далили болуп эсептелет. Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча “Сизди өз аймагыңыздагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу (айыл өкмөтү, айылдык кеңеш) жана анын иши тууралуу маалыматтын көлөмү/сапаты канчалык канааттандырат?” деген суроого жооптор төмөнкүдөй болгон: “2012-жылы сурамжылоого катышкан респонденттердин 16,1%, 2016-жылы 30,5% толугу менен канааттанган”. Сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, респонденттердин ЖӨБО тарабынан берилген маалыматынын көлөмүнө/сапатына толук канааттануу деңгээли дээрлик эки өскөн.

### КР Улуттук статистика комитети жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыктары

Маалыматтын экинчи булагы – бул КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтары. Аталган комитет квартал сайын мамлекеттик башкаруу органдарына, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Жеке ишеним индекси[1] боюнча сурамжылоо жүргүзүп келет. Бул – калктын ЖӨБ органдарына болгон ишениминин көрсөткүчү. Ал жалпысынан ЖӨБОнун ишин, аны менен катар айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыздаганын да чагылдырат. 2012-жылдын IV кварталы үчүн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына Жеке ишеним индекси республика боюнча 15,4% түзсө, 2014-жылдын IV кварталында 30,9% түзгөн. 2012-жылдан 2014-жылга чейинки мезгил аралыгында Жеке ишеним индекси дээрлик эки эсе өскөн.

### Эл аралык бюджеттик өнөктөштүк жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыктары

Маалыматтын үчүнчү булагы – бул Эл аралык бюджеттик өнөктөштүктүн маалыматтары[2]. Эл аралык бюджеттик өнөктөштүктүн изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча, 2012-жылы бюджет ачыктыгынын индекси 20 балл болуп, Кыргыз Республикасы 76-орунду ээлеген. 2015-жылы Бюджеттин ачыктыгынын индекси 54 балл болуп, Кыргыз Республикасы 34-орунду ээлеген. Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, Кыргыз Республикасы бюджеттин ачыктыгы боюнча рейтингде 76-орундан (100 өлкөнүн ичинен) 34-орунга (102 өлкөнүн ичинен) көтөрүлүп, Казакстан, Түркия, Малайзия, Венгрия, Сербия, Индия өңдүү өлкөлөрдөн озуп чыккан. Мурдагы СССРге кирген өлкөлөрдүн арасында бюджет айкындуулугу боюнча Кыргыз Республикасы Орусия Федерациясынан (11-орун, 74 балл) жана Грузиядан (16-орун, 66 балл) кийинки 3-орунду ээлейт.

### Долбоордун жыйынтыгы

Маалыматтын төртүнчү булагы – бул долбоордун маалыматтары. Долбоор тийгизген таасир тууралуу анализ жүргүзгөнгө чейин инструментарийлер тууралуу айтуу зарыл. ЖӨБОнун бюджет айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо үчүн долбоор түрдүү инструментарийлерди колдонот. Долбоордун таасир тийгизүүчү инструментарийлердин бири болуп жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун (ЖМБА) иштелип чыккан модели эсептелинет.

### Долбоордун таасир тийгизүү аспаптары

ЖМБА аспап катары айыл өкмөтү калктын катышуусу менен бюджетти түзгөнгө чейин жамаат муктаждыктарын изилдөөдөн башат алат жана бул процессти жамаат алдында ачык жана отчеттуу кылат. Айылдык аймактарда үч ай ичинде ЖМБА моделин жайылтуу боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн. Бул инструментарийлердин жардамы менен Долбоор сандык жана сапаттык индикаторлорго таасир тийгизет. Бул инструментарийлер менен жетишил-

[1] КР Улуттук статистика комитети. 2012-ж. жана 2014-ж. ичинде жарандардын мамлекетке Жеке ишеним индекси.
[2] http://www.gezitter.org/economics/

ген жыйынтыктар ЖӨБОнун ачыктыгына жана отчеттуулугуна тийгизген таасирине анализ жасоо үчүн негиз болуп калды. ЖМБА жамааттарда иш-чараларды, анын ичинде айыл өкмөтүнүн бюджетине байланыштуу коомдук угууларды өткөрүү боюнча стандарттардын сакталышын камсыздайт.

Айыл өкмөттүн бюджети боюнча коомдук угуулар долбоор иштеп чыккан белгилүү бир стандарттар1 боюнча өткөрүлөт. Бул алардын катышуучуларына жана жалпысынан процессе тийгизген маалыматтык таасирди күчөтөт. Стандарт коомдук бюджеттик угууларды өткөрүү боюнча белгилүү бир талаптарды караштырат. Коомдук угуулардын бардык этаптары дыкат документтештирилген жана кызыгууну, мотивацияны күчөтүүгө, мүмкүн болушунча көбүрөөк сандагы катышуучуларды тартууга багытталган. Бул болсо айыл өкмөтүнүн бюджети тууралуу калктын маалымдуулугунун, бюджеттик процессте жамааттын ар бир мүчөсүн катышууга шыктандыруу бөлүгүндө коомдук аң-сезимге активдүү таасир этүүгө жардам берет. ЖӨБО тарабынан бул – жамаат мүчөлөрүн талкуу процессине кеңири тартуу жана айыл өкмөтүнүн бюджетин түзүүдө жамааттын пикирлерин эсепке алуу.

Пилоттук айылдык аймактары үчүн жамаат мүчөлөрү менен биргеликте буклеттер, чакыруу баракчалары, баннерлер, инфографика, башка маалыматтык материалдар даярдалып, мультимедиялык аппаратура, маалымат такталары берилген. Инструментарийлердин бул жыйнагы айыл өкмөтүнүн бюджети тууралуу маалымдуулуктун эффективдүүлүгүнө, ЖӨБОнун ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыздоого, бюджеттик процесске жарандарды жигердүү тартууга багытталган.

Маалымат такталарына айыл өкмөтүнүн бюджети тууралуу маалыматтын жайгаштырылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлүп турат. Мониторингдин жыйынтыктары Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексинде (БАМИ)2 чагылдырылат. Бул ЖӨБО тарабынан айыл өкмөтүнүн бюджети тууралуу маалыматты жайылтуу деңгээлине мониторинг жүргүзүү үчүн эң эффективдүү жана жөнөкөй инструментарий. Институттун сайтында өткөрүлгөн коомдук угуулар тууралуу 166 маалыматтык материал жайгаштырылган[3]. Жалпысынан бул инструментарийлер жана усулдар долбоор тийгизген таасирди жана алардын туруктуулугун камсыздап турат.

### Коомдук угуулар ЖӨБОнун ачыктыгынын жана отчеттуулугунун аспабы катары

2012-жылдан 2016-жылдын октябрь айына чейинки мезгил аралыгында айыл өкмөтүнүн бюджети боюнча 91 коомдук угуу өткөрүлүп, аларга жалпысынан 7778 адам катышкан жана алардын 34% аялдар түзгөн. Бюджет боюнча коомдук угуулар эки өз-өзүнчө иш-чарага бөлүнөт: айыл өкмөтүнүн бюджетин түзүү (кийинки жылга) боюнча коомдук угуулар жана айыл өкмөтүнүн бюджетин аткаруу (отчеттук жыл үчүн) боюнча коомдук угуулар. Бул бир жагынан айыл өкмөтүнүн бюджетинде жамааттардын керектөөлөрүн эсепке алууга, экинчи жагынан жамааттын бюджеттин аткарылышына мониторинг жүргүзүүсүнө мүмкүнчүлүк берди.



ЖӨБОнун ачыктыгынын жана отчеттуулугунун кайра байланышын камсыздоо максатында долбоор демилгелүү топтордун колдоосу менен сурамжылоолорду жүргүзөт. 2015-жылы долбоордун алкагында 2 сурамжылоо жүргүзүлгөн. 2015-жылы Чүй облусунун 12 пилоттук айылдык аймагында демилгелүү топтордун 280 мүчөсү сурамжылоого катышкан. “ЖӨБ органдары өз иши тууралуу отчет береби?” деген суроого 10 балл боюнча 89,9% (5-10 балл) “ооба” деп жооп кайтарышкан. 2015-жылдын соңунда долбоор жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыктары төмөнкүдөй болду: ЖӨБО ачык – 43,4%, айрым бир учурларда ачык – 38,4%, жабык – 4,2% жана “билбейм” деп жооп кайтаргандар – 13,9%.

Долбоор жамааттын жана ЖӨБОнун керектөөлөрүнө жооп бергидей бюджеттик процессти өркүндөтүү боюнча улуттук деңгээлде иш жүргүзүп келет. Бул бюджеттик процесс боюнча КР мыйзамдары менен байланышкан маселелер. Долбоордун адистери Жогорку Кеңештин депутаттарынын, мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда “тегерек стол” талкууларын, жумушчу жолугушууларды, семинарларды, пресс-сессияларды өткөрүштү. Долбоордун алкагында окуу модулдары даярдалып, ММКда басылмалар чыгып, башка иш-чаралар өткөрүлдү. Улуттук деңгээлде 41 иш-чара өткөрүлгөн.

1 “Коомдук иш-чаралар (чогулуштар жана коомдук угуулар) жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формасы катары” окуу китеби. 2015-жыл.
2 “Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары” окуу китеби. 2015-жыл.
3 http://dpi.kg



## Жамааттын жана ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу

Жамаат мүчөлөрүнүн жана ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу процесси да ачыктыкка жана отчеттуулукка көмөктөшөт. Жамаат менен ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу аркылуу элеттиктерди бюджеттик процесске тартуу үчүн эффективдүү механизмдер жана инструментарийлер тууралуу билимдер берилет. Бул да жамаат мүчөлөрүнүн ЖӨБО менен өз ара аракетинин механизмдерин жайылтууга көмөктөшөт. Бул долбоор тийгизген таасирдин чек арасын кеңейтет.

2012-жылдан ушул кезге чейин ЖӨБОнун айкындуулугуна жана отчеттуулугуна байланышкан төрт негизги тема боюнча 79 тренинг өткөрүлдү. Алар: “ЖӨБО ишиндеги ачыктык жана айкындуулук жана коомдук бюджеттик угуулар”, “Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу”, “Жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу”, “Муниципалдык финансыны жана менчикти башкарууда ЖӨБОнун ачыктыгы”. Жалпысынан 1683 киши окуудан өттү. Жамаат мүчөлөрүнүн жана ЖӨБ органдарынын потенциалын жогорулатуу аркылуу долбоор алардын ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыздоого йигиликтүү таасирин тийгизүүдө.

Айыл өкмөттүн бюджети боюнча өзгөчө масштабдуу окууларды 2014-жылдын октябрь айынан 2015-жылдын январь айына чейин “Айыл демилгеси” коомдук уюму Ысык-Көл облусунда (47 айылдык аймакта) жана Жалал-Абад облусунда (49 айылдык аймакта) долбоордун буюртмасы боюнча өткөрдү. 204 тренинг өткөрүлүп, 3303 адам катышты. Алардын ичинен жергиликтүү кеңештин депутаттары – 92,1%, айыл өкмөттүн кызматкерлери – 7,8% жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү – 0,1%. Тренингдин темасы: “ЖӨБ органдарынын ишинде айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыздоо” жана “Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу”. Тренингге 25% пилоттук жана 75% пилоттук эмес айылдык аймактар катышкан. Эки облуста тең дээрлик бардык айылдык аймактар камтылган.

## Тыянактар

Төрт түрдүү маалымат булактарынан алынган маалыматтарга жасалган анализдин жыйынтыктары долбоор ЖӨБОнун ачыктыгы жана отчеттуулугу бөлүгүндө бенефициарларга эффективдүү таасирин тийгизип жатканын ырастайт. Долбоор тийгизген таасирге жасалган мындай анализ үзгүлтүксүз мониторинг жана баалоо болмоюнча мүмкүн болбойт. Мониторинг жана баалоо аспап катары болуп жаткан өзгөрүүлөргө байкоо салып, анализдөөгө, ЖӨБОнун ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыздоодо гана эмес, ошону менен бирге ЖӨБО системасында да жамааттын керектөөлөрүн жана суроо-талаптарын божомолдоого жардам берет.

Ушул тапта ачыктык жана айкындуулук бөлүгүндө ЖӨБ органдарынын ишинде оң жылыштарга карабастан, ЖӨБО жамааттын керектөөлөрүнөн жана суроо-талаптарынан артта кала берүүдө. Швейцария Элчиси белгилегендей, эки кабар бар. “Жакшы кабар – Кыргыз Республикасында отчеттуулук системасы бар жана иштеп жатат. Дыкат көңүл бурууну талап кылган башка жаңылык – бул система өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша толук иштей албай жатат”[1].

Долбоор ачыктык жана отчеттуулук системасы толук иштеп кетишине умтулуп, жамааттын керектөөлөрүнөн жана суроо-талаптарынан ЖӨБОнун артта калуусун кыскартууга тийиш. Ошондуктан долбоор жамааттар менен ЖӨБОго таасир тийгизүү усулдарын жана аспаптарын өркүндөтүшү керек. Муну ЖӨБОнун ачыктык жана отчеттуулук системасын реформалоо аркылуу жасаса да болот. ЖӨБОнун ачыктыгы жана отчеттуулугу туруктуу мүнөзгө ээ болгудай отчеттуулук системасын түптөө зарыл.

Мисалы, Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, ЖӨБОго жеке ишеним 2 эсе өскөн. Эл аралык бюджеттик өнөктөштүктүн маалыматы боюнча мурдагы СССРге кирген өлкөлөрдүн ичинен Кыргыз Республикасы бюджеттин айкындуулугу боюнча үч жыл ичинде 3-орунга көтөрүлгөн. Үч социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча ЖӨБОнун ачыктыгы жана айкындуулугу 26% өскөн. Түрдүү маалымат булактарынан келтирилген жыйынтыктар долбоордун Кыргызстанда, анын ичинде пилоттук айылдарда ЖӨБОнун ачыктыгын жана отчеттуулугун камсыздоого таасирин тийгизгенин далилдейт. Ачыктык жана отчеттуулук практикасы ЖӨБОнун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Бул болсо демократиянын өнүгүүсүнө көмөктөшүп, жамаат мүчөлөрү менен ЖӨБО ортосундагы кызматташтыктын жана ишенимдин чек араларын кеңейтет. Мына дал ушул – долбоор тийгизген таасирдин жыйынтыктары болуп эсептелет.

[1] Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчиси Рене Холенштайн. Отчеттуулук Кыргыз Республикасындагы парламенттик демократияны күчөтүү ыкмасы катары: фрагменттерден системага, ураандардан таасир тийгизүүгө өтүү.

# Кемин шаарынын мэри: “Мен жаштарды өз шаарынын тазалыгына кайдыгер болбоого чакырам”

**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси

2015-жылдын июнь айынын башында Чүй облусунун Кемин шаары ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун 12 максаттуу муниципалитеттеринин бири болуп калды. Долбоор шаар мэриясы менен Кызматташтык тууралуу меморандумга кол койгон. Бул Меморандумда тараптардын милдеттенмелери жана укуктары белгиленген. Андан бери бир жарым жыл өттү. Кандай өзгөрүүлөр болду?

“Долбоор менен кызматташуунун алкагында биз консультацияларды, чогулуштарды, пландарды талкуулоону жана даярдоону, жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоону кошкондо көптөгөн иш-чараларды өткөрдүк, - деп айтып берди Кемин шаарынын мэри Солайбек ДОСОВ. – Бул иш-чаралар жергиликтүү маанидеги артыкчылыктуу маселелерди аныктоого багытталган. Аларды чечүү менен калкыбыздын турмушун жакшырта алмакпыз. Мектепке чейинки билим берүү, шаардагы таштандыны жыйноону жана чыгарууну уюштуруу, жаштардын бош убактысын пайдалуу өткөрүүгө шарт түзүп берүү боюнча маселелер эң көйгөйлүүлөрдүн катарында турган. Чогулуштар маалында таштанды жыйноо жана чыгаруу маселеси эң көп добушка ээ болуп, артыкчылыктуу деп таанылды. Бул маселени чечүүгө биз Долбоордон бир миллион сом көлөмүндө гранттык каражат алдык. Учурда биз тендер аркылуу атайын техниканы сатып алдык”.

Кемин шаарында КТК жыйноону жана чыгарууну уюштуруу менен турак жай-коммуналдык чарбасы (ТКЧ) алектенет. Кемин шаардык кеңеши 2016-жылдын 25-февралындагы № 137-33-26 Токтому менен 2016-жылга шаардын ТКЧ чыгаша бюджетин 8 миллион 210 миң 400 сом көлөмүндө бекитти. ТКЧ бюджетинде 104 600 сомго жумушчу шаймандарды жана 21 000 сомго кызматкерлер үчүн атайын кийимди сатып алуу каралган. Негизги чыгашалар шаарды жашылдандырууга, имараттардын жана курулмалардын күнүмдүк ремонтуна, шаардагы жолдордун чуңкурларын оңдоого, жарыкдиоддуу чырактарды сатып алып орнотууга, электр энергиясы үчүн төлөөгө жана “Мыкты квартал”, “Үлгүлүү үй” жана “Мыкты көчө” сынактарын өткөрүүгө каралган.

Кемин ТКЧда 11 адам иштейт, бардык чегерүүлөрдөн кийин жумушчунун орточо эмгек акысы 7 500 сомду түзөт. “Муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, ТКЧ жумушчулары жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен айрым бир жеңилдиктерди алып турат: коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн 1500 сом көлөмүндө ай сайын компенсация алат; жылына бир жолу күз-кыш мезгилине даярдык көрүүгө 4000 сом көлөмүндө бир жолку материалдык жардам алат; ай сайын 1500 сом өлчөмүндө азык-түлүккө компенсация алат. Буга кошумча жумуштагы жетишкендиктерине дем берүү жана шаар мэринин фондунан сый акы катары жылына 2-3 жолу пансионатта же санаторийде эс алуу каралган.

Шаар мэри Солайбек ДОСОВдун айтымында, кызматкерлер шаардыктарды тазалыкты сактап, өз аймагын жашылдандырууга; турак жай кварталдарында бак-дарактарды сугарып туруу үчүн арыктарды таштандыга толтурбоого чакырып келишет. Ошондой эле жеке сектордо жашаган шаар тургундарын өз участогундагы таштандыны компостирлеп, бир канча убакыттан кийин аны жер семирткич катары колдонууга, ал эми пластик идиштерди атайын жайларга өткөрүүгө үндөшөт. Бирок шаардыктар таштанды башкаруунун мындай режимине өтүүгө шашылган жери жок.

“Өзүбүз жасай ала турган органикалык жер семирткичтин ордуна биз химияны сатып алып, организмди ууландырып жатабыз. Таштанды да барган





сайын көбөйүп, арыктар толуп, бак-дарактар куурап жатат. Тынбай эле тазалагандын ордуна арыктарды булгабай койсо болот эле го. Ошондо биз күнөөлүүлөрдү издебей, бак-дарактар өз маалында сугарылып турмак.

Ошондой эле мен жаштарды өз шаарына кайдыгер карабоого чакырам. Эгерде аянтта же монументтин жанында үйлөнүү тоюн өткөрүп жаткан жаштарды көрүп калсам жандарына басып барып, куттуктайм, бактылуу турмуш жана ден соолук каалап, аягында өзүнөн кийин таштандыны чогултуп, атайын контейнерге таштап коюусун өтүнөм. Контейнерлер борбордук көчөнүн туш тарабында орнотулган. Жакында дагы бир нече контейнер сатып алып,шаардагы көчөлөрдүн арасында бөлүштүрөйүн деп жатабыз. Бирок менин баамымда, контейнерлер аздык кылат. Балдарды мектеп партасынан эле тазалык маданиятына үйрөтүп, бул билимди үй-бүлөдө бекемдеш керек. Чоңдор өзүнүн жүрүм-туруму менен балдарга бул багытта үлгү болууга тийиш", - деп айтты шаар башчы.

Ошондой шаардын мэри Ысык-Көл тарапка чоң жол менен өткөн маданияттуу адамдар да бар болгонуна токтолду. Алар соода түйүндөрүндө азыктүлүк сатып алып, кабыгын, же ашыкча кагазды таштай албай калышат. Себеби таштайын десе контейнер таппай калышат. "Тартиптүү адам таштандыны баштыгына салып, өзү менен ала кетет. Мына, дал ушундай адамдар үчүн биз тазалыкты сактоо үчүн шарттарды түзүп беришибиз керек. Алардын жүрүм-туруму таштандыны көчөгө ыргыткан башкалар үчүн үлгү болууга тийиш".

Коммерциялык пункттар – дүкөндөр, соода борборлору, кафе жана ресторандар менен келишим түзүү мэриянын планында бар. Бул келишимде белгиленген тариф аныкталып (айына 100 сомдун тегерегинде), түзүлгөн график боюнча транспорт келип, таштанды чыгарып турат. Бирок бул маселе азырынча ачык турат. Анткени шаардык кеңеш аны карап чыгып, талкуулап, бекитип бериши керек.

Таштанды чыгаруу үчүн тариф боюнча маселени кайра кароо пландары тууралуу мэрдин айткан сөздөрүн шаардык кеңештин төрагасы да тастыктады. Анын айтымында, депутаттык корпус шаар мэриясынан тарифти карап чыгуу тууралуу сунушту күтүп жатат.

"Таштанды чыгаруу үчүн тариф 2013-жылы эле бекитилген. Ал эми андан бери көп нерсе өзгөрбөдүбү, бир топ кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын да кайра карап чыгыш керек. Мисалы, тарифти бекитип жатканда солярканын 1 литри 26 сом болсо, азыр 36 сомго чыкты. Калк үчүн тариф бир адамга 5 сомду түзөт. Бирок ошонун өзүндө да айрымдар бул сумманы төлөгүсү келбейт. Ал эми өпчап чогулган акча атүгүл күйүүчү майга кеткен чыгашаны да жапкан жок. Атайын техниканы күтүүгө, жумушчулардын эмгек акысын төлөөгө кеткен чыгашалар тууралуу оозанбай деле коелу", – деп айтты шаардык кеңештин төрагасы.

Шаар башчысынын башка бир көйгөйү – таштанды полигону. Үйүнөн таштандыны өз алдынча чыгарган шаардыктардын айрымдары ага жеткирбей эле таштандысын орто жолго ыргытып кете беришет.

"Бул таштанды полигонун эки жылдан бери пайдаланып келатабыз. 6-7 жылдан кийин ал толгондо тегиздеп туруп, үстү жагын грунттап, бак дарактарды отургузабыз. Бул полигон мурда ээн жатчу. Соттун чечиминин негизинде аны пайдалана берүүгө уруксат алганбыз. Кароо процессинде бул аймактан баары, анын ичинде кошуна аймактар жана Орловка ш. да баш тарткан. Үч жылдан кийин жердин ээси табылбаса аймак шаардын муниципалдык менчигине өтөт. Полигондун аянты 1,5-2 гектар жерди түзөт. Полигонду Айлана-чөйрөнү коргоо фондунун жардамы менен тосмологонбуз – биздин долбоор 420 миң сом көлөмүндө грант утуп алган. Биз тендер өткөрүп, анда утуп алган фирма полигонду тосмолоо боюнча жумуштарды аткарган. Азыр бул чуңкурду (полигонду) тегиз толтурганга аракеттенип жатабыз. Айрым жашоочулар орто жолго ыргытып кеткен таштандыны да чуңкурга чейин алып келип, таптап чыгабыз", - деп айтты мэр.

Кемин шаарынын мэриясынын демилгеси боюнча 2016-жылдын 14-октябрында Кемин райондук администрациясында таштанды чыгаруу үчүн тарифти талкуулоо боюнча коомдук угуулар өткөн. Бул маанилүү маселени талкуулоого шаардыктардын аз гана бөлүгү – болгону 56 киши гана келген.

Уюштуруучулардын – шаар мэриясынын айтымында, коомдук угуулар таштанды чыгаруу үчүн тарифти калк менен талкуулоо жана бекитүү максатында уюштурулган. Анткени бүгүнкү тариф – киши башына 5 сом – атүгүл күнүмдүк чыгашаларды да жаппайт келет. Бардык чыгашаларды эсептеп чыккандан кий ин калкка таштанды чыгаруу жана жок кылуу боюнча сапаттуу кызмат көрсөтүү максатында Кемин шаарынын мэриясы калк үчүн тарифти киши башына 15 сомго чейин көтөрүүнү сунуштады.

Угуулардын жүрүшүндө катышуучулар тараптан катуу тиричилик калдыктарына байланыштуу түрдүү сунуштар түштү.

Кызуу талкуулардан кийин катышуучулар тарифти 15 сомго чейин көтөрүү боюнча жалпысынан мэриянын сунушун колдоп беришти. Өз кезе-

гинде шаардык кеңеш катышуучулардан түшкөн сунуштарды жана эскертүүлөрдү эске алып, киши башына 15 сом көлөмүндө жаңы тарифти бекитти. Эми ТКЧ кирешелери көбөйөт деген үмүт пайда болду. Бирок таштанды маселесин чечүү боюнча жасачу жумуштар али көп. Азырынча алгачкы кадамдар гана ташталды жана эң кыйыны алдыда – шаардыктардын жүрүм-турумун, психологиясын өзгөртүп, аларды өз шаарына аяр мамиле жасоого үйрөтүү.

ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ



# Жергиликтүү жамааттын уставын киргизебиз. Практиктердин суроолору жана юристтердин жооптору

**Бектурган ОРОЗБАЕВ,**
юрист Проекта ГГПОМСУ

**2016-жыл ичинде Кыргызстандын муниципалитеттери жергиликтүү жамааттын жаңы уставдарын киргизүү иштерин улантышты. Уставдарды жарандар менен биргеликте талкуулоо процессинде көптөгөн суроолор пайда болду. Аларга жоопторду ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунда иштеген Өнүктүрүү саясат институтунун адистери беришет.**

## Жергиликтүү кеңештин токтомдоруна юридикалык бааны ким бериши керек?

ЖӨБ органдары өз алдынча юридикалык жак болуп эсептелет. Алар өз чечимдерин өз алдынча кабыл алышат, ошондой эле кабыл алган чечимде-

ринин мыйзамдуулугу үчүн жопокерчилик алышат. Ошондуктан АК токтомдору, АӨ чечимдери сырттан же башка мамлекеттик органдар тарабынан милдеттүү укуктук экспертизадан өтүүгө жатпайт. Атүгүл, АК токтомдору расмий жарыяланган күндөн тарта күчүнө кирет. Андан кийин ЖӨБО жарыяланган токтомдор юридикалык күчкө ээ болушу үчүн алардын көчүрмөлөрүн ЧУА Мамреестрине кошуу үчүн Юстиция министрлигине жиберилет. Юстиция министрлиги айылдык кеңештин кабыл алынган, жарыяланган жана күчүнө кирген токтомдоруна укуктук экспертиза жүргүзүүгө жана түзөтүүлөрдү киргизүүгө укугу жок.

ЖӨБО кабыл алган чечимдерге укуктук экспертиза жүргүзүү маселеси алардын өзүнө жүктөлгөн. Аны менен катар айылдык аймактарда бул функция жооптуу катчыга жүктөлгөн. Болбосо АӨ башчы белгиленген штаттык бирдиктин алкагында (2011-жылдын 5-августундагы № 451 “КР жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” өкмөттүн токтому) юристтин ыйгарым укуктарын башкы адиске, же алдыңкы адиске, же АӨ адисине жүктөөгө, же ушул кызматтардын бирине юридикалык билими бар кызматкерди алууга укуктуу. Мындан тышкары ЖӨБО КР мыйзамдарына карама-каршы келген ченемдик укуктук акты кабыл алынган учурда соттун тийиштүү чечими чыкканга чейин, же прокуратура органдарынын реакция жасоо актысын алганга чейин кабыл алынган ЧУАны өз алдынча жокко чыгарууга же бул актынын күчүн токтото турууга укуктуу.

## Мыйзамдарга шилтемелер

ЖӨБ жөнүндө мыйзам. 12-берене. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өздөрү кабыл алган чечимдери үчүн жоопкерчилиги: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугу үчүн жоопкерчилик тартышат. 21-берене. Жергиликтүү кеңештер: Жергиликтүү кеңештер юридикалык жактар болуп саналат жана мыйзамдар менен өздөрүнүн компетенциясына таандык кылынган ар кандай маселелерди өз алдынча чечүүгө укуктуу. Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына каршы келген учурда жергиликтүү кеңештердин чечимдерин жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

“КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамы. 10-берене. Ченемдик укуктук актынын (структуралык элементтин) колдонулушун токтотуу, аны жокко чыгаруу. 1. Төмөнкүдөй учурларда ченемдик укуктук актынын (структуралык элементтин) колдонулушу токтотулат: ченемдик укуктук акт (структуралык элемент) эсеп кылынган мөөнөт бүткөндө; мурда кабыл алынган ЧУАнын жоболоруна каршы келгенде же ЧУАны өзүнө сиңирип алган жаңы ЧУА кабыл алынганда; мыйзамдарда белгиленген тартипте ЧУА конституциялык эмес же жараксыз деп табылганда; **ЧУА ушул актыны кабыл алган орган же буга ыйгарым укугу бар башка орган тарабынан күчүн жоготту деп табылганда** же актынын колдонулушу токтото турулганда.



Кыргыз Республикасынын айылдарынын жана поселкаларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин Типтүү кызматтык нускамалары (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 23-февралындагы №91 токтому менен бекитилген). II. Жооптуу катчынын функционалдык милдеттери: жооптуу катчы айылдык (поселкалык) кеңештин жана айыл өкмөтүнүн иштерин уюштуруучулук камсыз кылуу боюнча иш-аракеттерди координациялайт, туруктуу комиссияларга жана жергиликтүү кеңештин депутаттарына, структуралык бөлүмчөлөргө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдарына жардам көрсөтөт; Айылдык, поселкалык кеңештердин сессияларын жана айыл өкмөтүнүн заседаниелерин жана жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлдөрүнүн курултайын уюштуруу жана өткөрүү үчүн зарыл материалдарды даярдоону камсыз кылат. Жооптуу катчы укук маселелери бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы, жергиликтүү кеңеш жана айыл өкмөтү тарабынан кабыл алынган чечимдер боюнча юридикалык талаптарды сактоого жооп берүүгө милдеттүү.

## Мамлекет даавватчынын ишин кантип жөнгө салат? Жергиликтүү өз алдынча башкаруу диний маселелерди кантип жөнгө салат?

МАМЛЕКЕТ. Диний иш-аракет - динге ишенгендердин диний муктаждыктарын канааттандырууга багытталган иш-аракет, диндерди жайылтуу, диний таалим-тарбия, кудайга табынуу иштерин, дуба кылуу жыйындарын өткөрүү, үгүт-насыят окуу, дин адистерин, дин кызматкерлерин окутуу ж.б. Бул иш-аракет төмөнкүдөй мыйзамдар менен жөнгө салынат: 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 “КРда дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” КР Мыйзамы; “КР жарандарынын абийир эркиндигинин жана дин тутуу эркиндигинин укуктарын ишке ашыруунун чаралары жөнүндө” КР Президентинин жарлыгы; 2014-жылдын 14-ноябрындагы №203 “2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы жөнүндө” ПЖ; КР Коргоо кеңешинин 2014-жылдын 3-февралындагы “Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат жөнүндө” чечими менен жөнгө салынат.

Ушул тапта Коргоо кеңешинин 2014-жылдын 3-февралындагы чечимине ылайык, имамдар тийиштүү уруксат берүүчү документтерди алуу үчүн аттестациядан өтүп жатышат.

Диндин даавватчылар тарабынан жайылтылышынын процесси Кыргызстандын Мусулмандар дин башкармалыгы жана башкармалыктын тийиштүү ички ченемдик актылары менен жөнгө салынат.

Диний билим берүү уюмдарын каттоо маселеси да жогоруда аталган ЧУА менен жөнгө салынат.

**ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ,** “КРда дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө” КР Мыйзамына ылайык, динге жана диний уюмдарга тиешелүү айрым маселелерди дин боюнча коомдук комитеттерди түзүү жолу менен өз алдынча кароого ыйгарым укуктуу. ЖӨБ органдары **дин боюнча коомдук комитеттерди түзүү жолу менен** дин иштери боюнча мамлекеттик орган менен бирдикте коомдук тартипти диний коопсуздукту, аймактык бүтүндүктү жана конституциялык түзүлүштү диний экстремизмден коргоону камсыз кылуу үчүн дин жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын жана милдеттерин аныктайт.

### Мыйзамдарга шилтемелер

“Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КР Мыйзамы. 10-берене. Диний уюмдарды эсептик каттоого алуу.

1. Кыргыз Республикасынын аймагында иштеген диний уюмдарды жана диний багыттагы объекттерди эсептик каттоого алуу дин иштери боюнча мамлекеттик органдар тарабынан ушул Мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат. Диний уюм дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү эсептик каттоого алуу (кайра каттоого алуу) жөнүндө күбөлүк берилген учурдан тартып дин ишин жүзөгө ашырууга укук алат.
2. Диний уюмду эсепке алуу үчүн түзүүчүлөр төмөндөгүдөй түзүү документтерин (мамлекеттик жана расмий тилде) тапшырышат: эсептик каттоого алуу жөнүндө арызды; диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкерчиликтүү жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана **жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган** (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) **тизмесин;** төрт нускада мамлекеттик жана расмий тилдерде түзүлгөн диний уюмдун уставын; чогулуштун төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлган уюштуруу чогулушунун (конференциялардын, курултайлардын ж.б.) протоколу; динге ишенүүнүн негиздери тууралуу жана ага шайкеш келүүчү тажрыйба, анын ичинде диндин келип чыгыш тарыхы тууралуу, анын ишинин формалары жана методдору жөнүндө, үй-бүлөгө жана никеге, билим берүүгө мамилеси жөнүндө, ушул динди жактоочулардын ден соолугуна жасалуучу мамиленин өзгөчөлүктөрү, жарандык

укуктар жана милдеттерге байланыштуу уюмдун мүчөлөрү жана кызматчылары үчүн чектөөлөр тууралуу маалыматтар; түзүлүп жаткан диний уюмдун толук аталышы жөнүндө маалымат; тиешелүү аймакта түзүлүп жаткан диний уюмдун жайгашкан жерин (юридикалык дарегин) ырастоочу документ (өзүнүн имарат-жайын сатып алуу-сатуу келишими, ижара келишими, имарат-жайды акысыз берүү келишими, расмий кат ж.б.).

13-берене. Диний окуу жайды эсептик каттоого алуу

1. Диний окуу жайлар дин иштери боюнча мамлекеттик органда милдеттүү түрдө эсептик каттоого алынууга жатат. Кыргыз Республикасынын аймагында белгиленген тартипте эсептик каттоодон өтпөй туруп диний окутууга тыюу салынат.
2. Диний окуу жайларды эсептик каттоого алуу үчүн уюштуруучу төмөнкүлөрдү берет: диний окуу жайдын уюштуруучу (уюштуруучулар) тарабынан бекитилген, мамлекеттик жана расмий тилдерде төрт нускада түзүлгөн уставы; уюштуруу чогулушунун протоколу, диний окуу жайды түзүү жөнүндө чечим же буйрук (уюштуруу келишими); диний окуу жайын уюштуруунун демилгечилеринен болуп эсептелишкен жана уставдын алкагында мыйзам алдында жоопкер жарандардын, уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн **нотариалдык күбөлөндүрүлгөн жана жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган** (алардын фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган датасын, жарандыгын, турган жерин, паспортунун номерин жана сериясын, качан жана кайдан берилгендигин көрсөтүү менен) **тизмеси;** уюштуруучунун (уюштуруучулардын) уставынын, диний уюм катары мамлекеттик каттоого алуу тууралу күбөлүгүнүн нотариалдык ырасталган көчүрмөлөрү; уюштуруучу (уюштуруучулар) тарабынан бекитилген окутуу программасы, окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчү; тийиштүү кызматтар (санитардык-эпидемиологиялык, өрттөн сактануу) берген маалымкат-корутунду, **жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы диний окуу жайга өзүнүн иш-аракетин жүзөгө ашыруу үчүн берген уруксат;** финансылык ресурстарынын бар экендиги жөнүндө ырастоо; окутуучулардын сапаттык курамы.
3. Эсептик каттоодон өткөндөн кийин диний окуу жайына белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет.

16-берене. Юридикалык жана жеке жактардын менчигинде болгон мүлктөрдү пайдалануу

1. Диний уюмдар, миссиялар, диний окуу жайлар аларга юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте келишимдик негизде берген имараттарды жана мүлктөрдү өз муктаждыктары үчүн пайдаланууга укуктуу.
2. Табынуу имараттарына жана мүлктөрүнө ээлик кылууга жана аларды пайдаланууга тиешеси бар маселелер боюнча талаштар, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, сот тартибинде чечилет.
3. Диний ишенимдерге жараша калыптанган **көрүстөндөрдү пайдалануу эрежелерин жана көрүстөн жыйымдары жөнүндө жоболорду таануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоболору менен жөнгө салынат.**

22-берене. Диний адабияттар жана диний арналыштагы буюмдар

1. Диний уюмдар диний адабияттарды, башка басма, аудиовидеоматериалдарды, ошондой эле диний арналыштагы башка буюмдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чыгарууга, сатып алууга, Кыргыз Республикасынан чыгарып кетүүгө, Кыргыз Республикасына алып келүүгө, сактоого жана жайылтууга укуктуу.
2. Конституциялык түзүлүштү, коомдун адеп-ахлактык негиздерин өзгөртүүгө, диний өгөйлөнүүгө чакырыктар камтылган диний адабияттарды, башка басма, аудиовидеоматериалдарды алып келүүгө, даярдоого, сактоого, ташууга жана жайылтууга тыюу салынат.
3. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний адабияттарга, башка басма, аудиовидеоматериалдарга дин таануу экспертизасын дайындоого укуктуу.

Диний адабияттар китепкана фонддоруна түшкөн учурда мамлекеттик дин таануу экспертизасы милдеттүү түрдө жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган диний уюмдар мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын **кайрылуулары боюнча** басма сөздө, кинофотоаудиовидео продукцияларда жана башка материалдарда **диний экстремизмдин элементтери бар экени жөнүндө түшүндүрмө берүүгө укуктуу.**

**Жергиликтүү кеңештин депутаттары айылдардын биринде спирт ичимдиктерин сатууга тыюу салуу жөнүндө токтом кабыл алышты. Бул**

## токтом канчалык укуктуу? Спирт ичимдиктеринин жайылуусун чектөө үчүн жергиликтүү жамаат кандай чараларды көрө алат?

Эгерде ишкерлерде тийиштүү уруксат берүүчү документтери (сатуу укугун берген лицензиялар) бар болсо, анда ЖӨБ органдары алкоголдук ичимдиктерди сатууга тыюу сала албайт. Аны менен катар ЖӨБ органдары Мыйзамдарга ылайык жана КРнын башка ченемдик укуктук актыларына карама-каршы келбеген кошумча чектөөчү ЧУА кабыл алса болот. Башкача айтканда, ЖӨБ органдары эгерде жүйөсү болсо алкоголдук ичимдикти сатууну чектөөгө укуктуу. Алкоголдук ичимдикти сатууну чектөө тууралуу жергиликтүү жамааттын чечими уставка киргизиле алат жана жергиликтүү кеңештин тийиштүү токтомун чыгарууга негиз боло алат.

### Мыйзамдарга шилтемелер

ЖӨБ жөнүндө Мыйзам. 31-берене. Шаардык жана айылдык кеңештердин компентенциясы, 15-пункт: алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун, ырым-жырымдарды өткөрүүгө тыюу салганга чейинки чектөөлөрүн аныктоо;

2009-жылдын 13-октябрындагы №269 "Этил спиртин жана алкоголдукпродукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы. 13-берене. Алкоголдук продукцияны дүң жана чекене сатуунун тартиби:

1. Алкоголдук продукцияны дүң жана чекене сатууну уюштуруу-укуктук формасына карабастан юридикалык жактар жүзөгө ашырат. Жеке ишкерлер алкоголдук продукцияны чекене сатууну жүзөгө ашырышат. Алкоголдук продукцияны сатуу иштин лицензияланууучу түрү болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн аракка минималдуу дүң-сатуу жана чекене бааны Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.
2. Алкоголдук продукцияны төмөнкүдөй жагдайларда сатууга жол берилбейт: балдар, билим берүү уюмдарында жана аларга 100 метр радиустагы жакын аймактарда, ошондой эле тикеден-тике медициналык мекемелердин аймактарында; шаардык жана шаардын жанындагы каттамдагы коомдук транспорттун бардык түрлөрүндө (жалпы колдонуудагы транспортто); маданий уюмдарда (аларда жайгашкан уюмдарды же коомдук тамактануу жайларын, анын ичинде юридикалык жак болуп түзүлбөгөнүн кошпогондо), дене тарбиялык-ден соолукту чыңдоочу жана спорттук жайларда; 18 жашка чыга элек адамдарга; 18 жашка чыга элек адамдардын; ушул Мыйзамдын 8-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына ылайык коштоочу документтерсиз жана маркировкасыз же болбосо жасалма акциздик марка менен; массалык иш-чаралар өтүүчү жерлерде, аскердик бөлүктөрдүн аймагында, аскердик соода объекттерин кошпогондо, ошондой эле чатырларда, контейнерлерде, колдо, лотоктордо, автомашиналарда, бул продукцияны сатуу үчүн ылайыкташтырылбаган башка жерлерде.
3. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алкоголдук продукцияны сатууга кошумча чектөөлөрдү белгилөөгө укуктуу.
4. Алкоголдук продукцияны чекене сатууну жүзөгө ашырган жеке ишкерлердин жана юридикалык жактардын соода жана кампа жайлары болууга тийиш.

14-берене. Алкоголдук продукцияларды сатууну жүзөгө ашыруучу адамдардын сатып алуучулардан инсандыгын ырастаган документтерди көрсөтүүсүн талап кылуу милдети. Алкоголдук продукцияларды сатууну жүзөгө ашыруучу адамдар жашы болжолдуу 18 жашка жетпеген адамдарга карата төмөнкүгө милдеттүү: сатып алуучунун жашын аныктоо максатында инсандыгын ырастоочу документтерди, - жарандын паспортун (ID карта) же аны алмаштыруучу документти көрсөтүүнү талап кылууга. Паспортту алмаштыруучу документтерге аскер кызматчысы экендигин аныктаган офицердик ырастама, мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчысынын аскердик билети, айдоочулук ырастамасы кирет; инсандыгын ырастаган документтерин көрсөтпөгөн учурда аларга алкоголдук продукцияларды сатуудан баш тартууга; алкоголдук продукцияларды саткан жерлерге 18 жашка толбогон адамдарга, инсандыгын ырастоочу документтери жок адамдарга алкоголдук продукцияларды сатууга тыюу салуу жөнүндө, алкоголдук продукцияларды пайдалануунун зыяндуулугу жөнүндө маалыматтарды жайгаштырууга. Ушул берененин жоболорун бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

18-берене. Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны мыйзамсыз жүгүртүүдөн алуу жана конфискациялоо.

1. Эгер этил спирти жана алкоголдук продукция төмөнкүдөй учурларда сатылып жатса, анда ал жүгүртүүдөн алынат: тийиштүү лицензиясы жок болсо; техникалык регламенттердин талаптарына ылайыктыгын ырастаган документтери жок болсо; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда маркировкасы жок болсо жана (же) жасалма акциздик маркалар менен маркаланса; спирт камтылган азыктык эмес продукциялардан башка учурларда курамында азыктык эмес чийки заттан жасалган этил спирти же денатураланууучу

кошулмалары бар болсо; ээси жок мүлк катары; мындай продукциянын мыйзамдуу өндүрүлгөнүн жана жүгүртүлүшүн ырастаган документтери жок болсо.

2. Этил спиртин жана алкоголдук продукцияны сактоо аларды алып койгон ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган жерлерде жүзөгө ашырылат.
3. Мыйзамсыз жүгүртүүдө болгон этил спиртин жана алкоголдук продукцияны алып коюу жана конфискациялоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.
4. Техникалык регламенттердин талаптарына жооп бербеген жана конфискацияланган этил спирти жана алкоголдук продукция, ошондой эле азыктык эмес чийки заттардан жасалган же денатуралануучу кошулмалары бар алкоголдук продукция техникалык керектөө үчүн этил спиртине же спирттүү азыктык эмес продукцияга кайра иштетилүүгө тийиш.
5. Мындай кайра иштетүүгө мүмкүнчүлүк болбосо конфискацияланган этил спирти жана алкоголдук продукция Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жок кылынууга жатат.

КР Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодекс. 92-1-берене. Жашы жетпегендерге алкоголдук продукцияларды сатуу: Он сегиз жашка чыга элек адамдарга алкоголдук продукцияларды сатуу, - жарандарга - эсептешүү көрсөткүчүнүн жүз өлчөмүндө, кызмат адамдарына - эсептешүү көрсөткүчүнүн эки жүз өлчөмүндө, юридикалык жактарга эсептешүү көрсөткүчүнүн жети жүз өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет. Ушул статьянын биринчи бөлүгүндө каралган ошол эле аракеттер администрациялык жазачара колдонулгандан кийин бир жылдын ичинде кайра кайталанганда, - жарандарга - эсептешүү көрсөткүчүнүн жүз өлчөмүндө, кызмат адамдарына - эсептешүү көрсөткүчүнүн эки жүз өлчөмүндө, юридикалык жактарга ушул иш менен алектенүү лицензиясынан (уруксатынан) ажыратуу менен эсептешүү көрсөткүчүнүн жети жүз өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет.

## Жергиликтүү жамааттын атынан чечим кабыл алуу үчүн чогулушка канча киши катышканда ал укук ченемдүү болуп эсептелет?

Бул суроого жоопту жергиликтүү жамааттын уставында формулировкаласа болот. Бул үчүн Типтүү уставда тийиштүү беренелердин шаблондору каралган.

21.11. Эгерде айылдык чогулушка тийиштүү аймактын (көчөнүн, кварталдын, айылдын, айылдардын) шайлоо укугуна ээ болушкан жашоочуларынын _____ (санын көрсөтүңүз) катышса, же айылдык чогулушка чакырылгандардын _____ (санын көрсөтүңүз) катышса, айылдык чогулуш укук ченемдүү болуп эсептелет. (Айылдык чогулуштун укук ченемдүүлүгүн аныктаган катышуучулардын саны жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан белгиленет: мисалы, 40 адамдан кем эмес катышса укук ченемдүү болот, чакырылгандардын жарымынан көбү катышса, бир көчөнүн, кварталдын, айылдын/айылдык аймактын жашоочуларынын жарымынан көбү катышса ж.б.).

21.12. Тийиштүү аймактын (көчөнүн, кварталдын, айылдын, айылдардын) жашоочуларынын, же айылдык чогулушту өткөрүү үчүн чакырылган катышуучулардын зарыл саны болбогон учурда, анда көрсөтүлгөн иш-чаралар катышуучулардын макулдугу менен белгилүү мөөнөткө жылдырылат.

## Уставга айрым салттарды, мисалы, узак жылдар бою ынтымактуу жашаган үй-бүлөлөрдү урматтоону жана жаш үй-бүлөлөргө тажрыйба менен бөлүшүүнү киргизип койсо болобу?

Эгерде муниципалитеттин жашоочуларынын көбү бул сунушту колдоп берсе, анда болот.

## ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын уставын кабыл алууга милдеттүүбү? Эгерде бул иш-чараны жергиликтүү жамаат колдобосо, уставды кабыл албай койсо болобу?

Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү документтин маңызын түшүнбөгөн учурда гана өз уставын кабыл алуу идеясын колдобойт. Алгачкы-жамааттык курулуштан баштап, ар бир жамаатта дайыма чогуу жашоонун кандайдыр бир эрежелери белгиленген. Устав – бул ошондой эрежелердин заманбап жана мыйзамдуу формасы. Ошондуктан уставдын маңызын жана маанисин тийиштүү түрдө түшүндүргөндө жамаат аны кабыл алгысы келбеген жагдай жаралбайт. Маселе жергиликтүү жамааттын каалаганында, же каалабаганында эмес, ЖӨБ органдарынын бул маселе менен алектенүүгө болгон каалоосунда же каалоонун жоктугунда жатат. Бирок мыйзамдарда бир гана жооп каралган: ЖӨБ органдары жергиликтүү жамааттын уставын кабыл алуудан баш тарта албайт. ЖӨБ органдары уставды кабыл алууга милдеттүү. Эгерде мыйзам-



дардагы талаптар аткарылбаса, б.а., устав кабыл алынбаса, тийиштүү кызмат адамдары мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликке тартылат.

## Мыйзамдарга шилтемелер

ЖӨБ жөнүндө Мыйзам. Жергиликтүү жамааттардын уставдары.

1. Жергиликтүү жамааттардын уставдары тиешелүү жергиликтүү жамааттын чогулуштарында (жыйындарында) же курултайларында талкуунун натыйжалары боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынат. Уставды бекитүү жөнүндө чечим тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынууга тийиш.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын ички турмуш-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин регламенттейт, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин карайт, жергиликтүү жамааттын бюджеттик процесстерге жана башка маселелерге катышуусун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жөнгө салынбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин кошуп алганда, жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө өз ара мамилелеринин тартибин аныктайт.

49-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун, кызмат ордуна киришүүсүнүн жана кызмат ордунан бошотуунун тартиби, 7-пунктка ылайык, **айыл өкмөтүнүн башчысы ээлеген кызмат ордунан аким тарабынан төмөндөгүдөй учурларда мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн:** жеке арызынын негизинде; **мыйзамдарды, прокуратура органдары тарабынан белгиленген** же мамлекеттик ыйгарым укуктар берилген **президенттин жана өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн** - айыл кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен, а мыйзамдар, Президенттин жана Өкмөттүн прокуратура органдары тарабынан белгиленген ченемдик укуктук актыларын бузуу фактылары кайталанган учурда,- айыл кеңешинин депутаттарын кабардар кылуу менен.

КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс, **400-берене "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын кызмат адамдарынын аткарбоосу":** Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарын кызмат адамдарынын бузуу же аткарбоо менен **административдик укук бузуусу эсептешүү көрсөткүчүнүн жүз өлчөмүндө административдик айып салууга алып келет.** Ушул берененин биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн аракет административдик жаза-чаралары колдонулгандан кийин жыл ичинде кайталанып жасалса, **кызмат адамын иштеген кызматынан четтетүүгө алып келет.** M

# Социалдык контракт деген эмне?



**Медет СУЛТАМБАЕВ,** МжБ боюнча адис, ӨСИ

КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги (ЭСӨМ) ушул жылдын сентябрь айында социалдык контракт форматында аз камсыздалган үй-бүлөлөр менен иштөө үчүн аймактык бөлүмдөрүнүн жана айыл өкмөтүнүн адистерине окуу өткөрдү. Элет жергесинде аз камсыздалган үй-бүлөлөргө жөлөк пул берүүнүн жаңы дизайнынын идеясы боюнча, жөлөк пул алгандар аз камсыздалганы боюнча алган жөлөк пулду натыйжалуу колдонушу керек.

“Социалдык контракт – бул аз камсыздалгандыгы боюнча ай сайын жөлөк пул алган үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүүнүн жаңы түрү. Аз камсыздалган үй-бүлөнүн каалоосу боюнча социалдык өнүгүүнүн аймактык органдары менен өз ара милдеттенмелер тууралуу макулдашуу түзүп, жөлөк пулдун жылдык же жылдык суммасынан 75% алса болот. Бул каражат мал чарбасын, өсүмдүк өстүрүүнү же майда ишкерликти өнүктүрүүгө жумшалса болот. Социалдык контрактка катышууну каалаган ар бир үй-бүлө социалдык адаптация программасын иштеп чыгып, аны социалдык өнүгүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын колдоосу жана көмөгү менен ишке ашырат”, - деп блдиришти ведомстводон.

## Кандай маселе жаралды?

КР Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги (КР ЭСӨМ) ай сайын социалдык жөлөк пул берип турат. Бул үчүн бюджеттен калкка 2015-жылы 4,7 млрд. сом бөлүнгөн. Анткен менен чөнтөгү жука үй-бүлөлөр ошол эле абалда калышты. Буга байланыштуу суроо жаралат: аз камсыздалгандык боюнча социалдык жөлөк пулдун тийиштүү көлөмүн колдонуу менен, чөнтөгү жука үй-бүлөлөрдүн турмушун кантип жакшыртса болот? Жөлөк пул алгандар анын көлөмү аз болгонуна даттанса, ЭСӨМ жөлөк пулдун көлөмүн көбөйтүүгө каражаты болбогонун айтат. Мындай жагдай жөлөк пулду колдонуунун жаңы формаларын издөө үчүн өбөлгө болду. Жөлөк пулдун көлөмү аз камсыздалган үй-бүлөлөргө өз ишин баштап, көбүрөөк аянтка айыл чарба өсүмдүктөрүн эгип, саан уй сатып алганга жетиши үчүн эмне кылыш керек? Ошентип отуруп социалдык жөлөк пулду берүүнүн жаңы дизайны жаралды. Мында жөлөк пул айына бир жолу эмес, жылына бир жолу, же жөлөк пулдун жылдык суммасынан 75% бир жолу берилет.

Эски вариантка ылайык, жөлөк пул ай сайын берилчү. Анткен менен мындай вариант аны алгандар үчүн бир ыңгайсыздыкты жаратчу – көлөмү өтө эле аз болчу. Жөлөк пул алуучулар бул акчаны майнаптуу колдоно алышпайт. Мисалы, талаа иштетип, мал сатып алып ж.б.. Буга жараша алар-да СЭӨМге кайрылып, кандайдыр бир ишти баштоо үчүн жөлөк пулдун көлөмүн көбөйтүп берүүнү өтүнүштү. Анткен менен СЭӨМде жана мамлекетте жөлөк пулдун көлөмүн көбөйтүүгө каражаты болгон эмес. Тескерисинче, мамлекет аз камсыздалгандыгы боюнча жөлөк пулдарды алуучулардын санын азайтууда. Мына ушундай кырдаалда СЭӨМ жол издөөдө. Буга ылайык, жөлөк пулдун көлөмүн көбөйтүү мүмкүнчүлүгү жок.

Мындай сунушту Дүйнөлүк банк берди: жөлөк пулду жылына бир жолу же бир жылдык суммасынан 75% берүү. Бирок адегенде жөлөк пулдун алуучулары канткенде алган акчаны натыйжалуу колдоно алат деп айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкерлерин окутуу керек болчу. Суроо жаралат: эски вариант өзүн актабай калдыбы, же жокпу? Бул суроого жоопту Нарын облусунун Ак-Талаа районунда, Жалал-Абад облусунун Ноокен районунда, Чүй облусунун Аламүдүн районунда жана Ош облусунун Өзгөн шаарында өткөрүлгөн сыноонун жыйынтыктары берет.

ЭСӨМ маалыматтары боюнча, 2015-жылы аз камсыздалгандыгы боюнча алгандардын саны 10 миң балага кыскарган[1]. Балдары бар, аз камсыздалган үй-бүлөлөргө ай сайын берилген жөлөк пулдун орточо көлөмү бир жылда 38,9% көбөйгөн. Мамлекеттик жөлөк пулдарды алуучулардын жалпы саны (аз камсыздалган балдар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүүлөр, жетим балдар) 384,8 миң адамды түздү. Бул үчүн бюджеттен калкка 4,7 млрд. сомдон ашык акча которулган.

## Жаңыча мамиле – оң жана терс жактары

Жөлөк пулду жылына бир жолу, же жылдык суммадан 75% бергенде чоң сумма чогулуп калат. Иш ачып, саан уй сатып алып, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүгө колдонсо болот. Жөлөк пул алуучулардын керектөөлөрү эми эсепке алынган сыягы. Мындан ары жөлөк пулдун бүт суммасын жылына бир жолу алса болот. Алуучу канааттаныш керек. Жыл үчүн болгон сумма алынды. Бирок бул акчаны кантип сарпташ керек? ЭСӨМ ыктыярдуу түрдө өнүгүү планын түзүп берүүнү сунуштайт. Жөлөк пулду алуучу каражатты кантип колдонот? Мына ушул жерде эки суроо пайда болот.

Биринчиси - ЭСӨМ жөлөк пул алуучу каражатты кантип колдонуп жаткан процессти көзөмөлдөй алабы? Акчаны кантип колдоно турганы тууралуу чечимге таасирин тийгизе алабы? Ооба, айыл өкмөтү (?) менен жөлөк пул алуучу ортосунда түзүлгөн социалдык контракт мындай инструментарий болуп бере алат. Эгерде социалдык контрактты түзгөндөн кийин жөлөк пул алуучу келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелеринен баш тартса эмне болот? Жаза чаралары колдонулабы? Жөлөк пул берилбей калабы? Өтө көп суроолор жаралып, аларга жоопту пилоттун жыйынтыктары берчүдөй. Жөлөк пул алуучу чоң сумманы алганы – бул чоң плюс. Жөлөк пул алуучуга акчаны кантип колдоно орун өз алдынча чечүүгө мүмкүнчүлүк берилсе, ал социалдык контракт менен байланбаса жакшы болмок. Мисалы, ал жолдомо сатып алып, карыздарын төлөп, же той өткөрүшү мүмкүн. Социалдык контракт каражатты өнүгүүгө гана жумшаганды караштырат. Бирок аз камсыздалган үй-бүлөлөрдө башка да көйгөйлөр толтура эмеспи.

## Социалдык контрактты аткарууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу

ЭСӨМ алдына койгон максат ак ниеттүү: жөлөк пул алуучулардын санын кыскартуу, акыры өлкөдөгү жакырчылыкты деңгээлин азайтуу. Суроо жаралат: колдо болгон ресурстарды жана ага жетүү ыкмаларын эсепке алганда, алдыга коюлган максатка жетүү канчалык реалдуу? Максатка жетүүнүн ыкмаларынын бири катары аз камсыздалган үй-бүлөлөрдү жөлөк пул алгандан аны натыйжалуу колдонгонго чейин коштоп жүрүү сунушталууда. Бирок бул үчүн ЭСӨМда каражат да, ресурстар да жетишсиз. Алар бир эле аспапты (жөлөк пул берүү) колдонууда. Бирок ресурстар менен бекемделген коштоп жүрүү инструментарийлерине ээ эмес. ЭСӨМ жыйынтыкка жеткиси келет – жөлөк

[1] http://kg.akipress.org/news:625500?from=kgnews&place=nowread

пулга муктаж аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн санын кыскартуу. Алардын максаты – жөлөк пулга муктаж үй-бүлөлөрдү мүмкүн болушунча көбүрөөк камтуу. Алар жакырчылык менен күрөшпөш керек. Алар оор турмуштук кырдаалда калган адамдарды жөлөк пул берүү аркылуу коргош керек. ЭСӨМ жакырчылык менен күрөшпөстөн, калкка социалдык коргоо көрсөтүү менен алдына коюлган максаттарга жооп бериши керек.

ЭСӨМ үй-бүлөнүн тандоосуна таасирин тийгизе албайт: жөлөк пул кайда жана кантип колдонулду? Бул жөлөк пул алган үй-бүлөнүн өзүнүн тандоосу. Социалдык контракт – бул ЖӨБОнун жана маморгандардын колдоосу менен аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн жөлөк пулду натыйжалуу колдонуусунун аспабын киргизүү аракети. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу чоң. Жөлөк пулга кошумча катары жардамдын кандай топтомун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары сунуштай алат? Жөлөк пул алуучулар социалдык контрактты аткаруусуна эмне дем болуп берет? Максаты: жөлөк пул алган үй-бүлөлөрдү социалдык контрактты аткарууга шыктандыруу. Мисалы, жер берүү, салыктарды кыскартуу, техника берүү ж.б. Эгерде мына ушундай кошумча жардам берилсе жана алуучуларды кызыктыра алса, жөлөк пулдарды берүүнүн жаңы дизайны ийгиликтүү болот деген кепилдик бар. Ошондой эле мисалы, ЭСӨМ тарабынан окутуу, кеп-кеңеш берүү ж.б. Бейөкмөт уюмдарга ушул ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү жагын да караштыруу зарыл. Мисалы, БӨУ миллиондогон сомго барабар гранттык программаларды ийгиликтүү ишке ашырып келатат. Жапониянын 490 миң доллар же 32,8 миллион сом көлөмүндөгү грантын мисал катары келтирсек болот. Бул грант аялдар башында турган 2 миңден ашуун аярлуу элеттик үй кожолуктарынын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө багытталган. Жоопторду талап кылган айрым суроолордун тизмеги мына ушундай.



## Мониторинг жана баалоо башкаруунун аспабы катары

Мониторинг жана баалоо жүргүзбөстөн алдыга коюлган максаттарга жетүү, каражаттарды натыйжалуу колдонуу да мүмкүн болбойт. Жөлөк пулду берүүнүн жаңы дизайны менен эмнеге жетүүнү каалашкан? Бул үчүн баштапкы этабында төмөнкүлөр аныкталууга тийиш: максаттар, тапшырмалар, каражаттар, продукт, жыйынтыктар жана жаңы дизайн тийгизчү таасири. Эң негизгиси – сандык да, сапаттык да максаттуу индикаторлор аныкталыш керек. 2015-жылы ЭСӨМ маалыматы боюнча мамлекеттик жөлөк пулду алуучулардын жалпы саны (аз камсыздалган балдар, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүүлөр, жетим балдар) 384,8 миң сомду түзгөн. Мындай сандагы социалдык контрактка мониторинг жүргүзүү үчүн жакшы мониторинг системасына ээ болуш керек. Жаңы дизайндын продуктусуна, жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү үчүн убакыт талап кылынат. Продукт – жөлөк пулду натыйжалуу колдонуу боюнча окуудан өткөн үй-бүлөлөрдүн саны. Жыйынтык – социалдык контрак түзгөн үй-бүлөлөрдүн саны. Тийгизген таасири – өлкө боюнча аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн пайызынын азайышы.

Мониторинг жана баалоо системасынын жардамы менен төм. кантип баалаcа болот: жөлөк пулдар аз камсыздалган үй-бүлөлөрдүн турмушун кантип жакшыртып жатат? Жөлөк пул колдонуунун эффективдүүлүгүн кантип өлчөй алабыз? Баалоо үчүн суроолор. Эгерде аз камсыздалгандык боюнча жөлөк пул мыдай үй-бүлөлөрдүн абалын оңдой албай жатса, анда үй-бүлө үчүн да, мамлекет үчүн да алардын баалуулугу канчалык?

Мындан кандай тыянак чыгарсак болот? ЭСӨМ жакырчылык менен күрөшпөстөн, болгону оор турмуштук кырдаалда калган адамдарды коргойт. ЭСӨМде мисалы индикатор (1) болуш керек – жөлөк пул алган үй-бүлөлөрдүн саны. Бул индикатор Кыргызстандагы жакырчылыктын деңгээлинин өсүшүнө/азайышына пропорционалдуу түрдө өсүшү керек. Индикатор (2) – бөлүнгөн каражаттын суммасы. Бул сумма да жөлөк пулдун көлөмү сыңары өсүшү керек. ЭСӨМдин индикатору – аз камсыздалгандардын катарынан чыккан үй-бүлөлөрдүн саны болушу мүмкүн эмес. Эгерде ЭСӨМдин ишин жакырчылык менен күрөшүү катары баалай турган болсок, анда иштин эффективдүүлүгү дээрлик нөлгө барабар болот. ЭСӨМдин бул индикатору контролдой албайт, мындан улам ага жете да албайт. Максат, каражаттар жана жыйынтык адекваттуу, министрлик алдына койгон максаттарга жооп бергендей болушу керек.

Социалдык контракт – бул аз камсыздалган үй-бүлөлөр өзүнүн материалдык абалын жакшыртуу, ошондой эле мамлекеттин чыгашаларын кыскартуу үчүн жөлөк пулду эффективдүү пайдалануунун аспаптарынын бири гана болуп эсептелет. ЭСӨМ сунуштаган жөлөк пул берүүнүн жаңы вариантын аны алган көпчүлүк үй-бүлөлөр кабыл алабы, же жокпу – муну убакыт көрсөтөт. Ал эми бул аспаптын эффективдүүлүгү кандай болгонун пилоттук иш-чаралардын жыйынтыктары көрсөтөт.